Салимбай Турсунбаев

# Сезимдеги элестер



Салимбай Турсунбаев

# СЕЗИМДЕГИ ЭЛЕСТЕР

«Бийиктик»
Бишкек – 2007

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5
Т–89

**Турсунбаев Салимбай.**
Т 89 **Сезимдеги элестер.** Ырлар, дастандар. – Б.: «Бийиктик», 2007. – 172 б.

ISBN 978–9967–13–278–8

Тунгуч ыр жыйнак катары жарык көргөн бул китепке, автордун калемине таандык патриоттук, эл-жерди сүйүү, лирикалык, публицистикалык ж.б. темадагы ар кыл ырлары, фольклордук багытта жазылган эки дастаны кирди.

Китеп бардык поэзия сүйүүчүлөргө арналат.

Т 4702300700–07

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5

ISBN 978–9967–13–278–8
© Турсунбаев С., 2007.

## БАШ СӨЗ

### Ак жол, сага, Салимбай!

*Эр жигитке жетимиш эки өнөр аздык кылат деп, биздин элде накыл кеп айтылып келет. Канчалык көп өнөр үйрөнсөң – ошончолук акыл, оюң, аң-сезимиң өсөт. Элге, журтка керегиң тиет жана атың чыгат. Өнөрлүү адамдын артында өлбөс-өчпөс изи калат.*

*Өнөрдүн түрү абдан көп. Ошондой болсо да «өнөр алды – кызыл тил» – деп биздин эл өнөрдүн туу чокусу катары, кызыл тилди, башкача айтканда сөздү же сөзмөр адамды баалап келишет. Сөз кадырын билген, оюн так, даана, элге жеткире айткан таланттуу адамдар деп – чечендерди, манасчыларды, төкмө акындарды, жазмакерлерди эсептейбиз. Оюн жөнөкөй сөз менен айтып түшүндүрө албагандар абдан көп. Ал эми өз оюн эле эмес, аалам сырын, табийгат кереметин, жаратылыш кубулуштарын, махабат дастандарын, Айкөл Манас атабыз баштаган элдик баатырлардын эрдиктерин, замандын оош-кыйышын, жетишкендиктерди жана кемчиликтерди – турган ордунан ыр менен же ой толгоп, поэзия түрүндө элге жеткир-*

*ген эмне деген таланттар бар... Албетте, мен талантмын дегендин баары эле Саякбай, Сагымбай, Токтогул, Женижок же Алыкул, Жоомарт болуп кете албайт. Антсе да өз учурунда, өз деңгээлинде, ар бир талантты орду болот.*

*Ошондой таланттардын бири манасчы, жамакчы жана өз жүрөк түпкүрүндөгү жүйөлүү ойлорун кагаз бетине чиймелеп, поэзия жаатында да жаңылык жаратууну самап келаткан акын – Салимбай Турсунбаев деп эсептеймин. Негизинен мен бул инсанды манасчы катары баалайм.*

*Салимбай 1959-жылы 13-январда Токтогул районунун Кайырма кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган экен. Төрт эркек, эки кыз алты баланын ичинен үй-бүлөдөгү агасынан кийинки эле экинчи уул. Атасы Орозбай Манасты санжыра түрүндө жорго сөз менен сабалатып айткан чоң санжырачы болгон. Ушундан улам Салимбай окуй элек кезинде эле алгач Манасты атасынан угат. Зээндүү бала аябай кызыгып, балалык баёо сезимдери менен баатырдын эрдиктерин көңүлүнө бекем түйөт. Тилекке каршы атасы, Салимбай 4-класска көчкөн жылы каза табат.*

*Болочоктогу манасчы 7-класска келгенде көпчүлүк манасчылар сыяктуу түш көрүү жолу менен өз алдынча эле Манасты кой десе болбой айтып чыгат. Бирок да айрым кырсыктардын кесепетинен жаш манасчынын Манас айтуусуна таенеси толук тыюу са-*

*лат. Арийне, Салимбайдын манасчылыкка болгон ышкы оту ушинтип басылганы менен анын анча-мынча жалындары жамакчылык жана акындык жаатта тутанып, бара-бара акырындап ыр жазуу жагына оойт.*

*Манас айткан адам айтууну эч качан унута албайт эмеспи. Турмуш шартка байланыштуу жогорку окуу жайга тапшыра албай калып, эмгек жолун Каракол шаарына келип баштап, андан соң аскерге чакырылып, эл катары кызматын өтөп келип, кайрадан иш ордун аты аталган шаарда тапкан Салимбай, кез-кез эч ким жок жерде Манастан үзүндү айта калып жүрөт. Бул нерсе манасчылыкка талапкер кишинин жан тынчын алып эл алдына кайрадан чыгуусуна үндөйт. Акыры 1986-жылдан тартып ачыкка чыгып жалпыга өнөрүн тартуулай баштайт. Арбактын колдогону да, тез эле өзү жашаган шаарга таанылат. Насип экен Салимбай азыркыга чейин Каракол шаарында жашап, үзүрлүү эмгектенип келет. Үй-бүлөлүү, 3 уул, 1 кыздын атасы.*

*Чынында, көрсө бул кишиде манасчылык дарамет бийик деңгээлде экен. Себеби 1992-жылы залкар манасчы Сагымбай Орозбаковдун 125 жылдык мааракесине арналып республикалык кароо өткөрүлүп Салимбай биринчи катышышында эле 3-орунга татык болот. Бул биринчи ийгилиги болсо, андан бери көптөгөн дубандык, республикалык кароо-сынактарга катышып өз жеринин намысын кор-*

*гоп, республикалык деңгээлде эки ирет (1994-жылы, Бишкек шаары; 2004-жылы, Талас шаары;) манасчылар арасында 1-орунду ээлегенге жетишти. Ошол эле мезгилде ыр жазуунду да өрчүтүп, шаардык жана республикалык гезиттерге ырлары үзгүлтүксүз жарыяланып келет. «Кап, атаң, комуз чертип калганымда не, төкмө акын болмок экенмин, төгүп ырдайын десем эле, Манастын обонуна түшүп кетем», – деп күлдүрүп калат өзү.*

*Мен Салимбай менен 1993-жылдан бери таанышмын. «Манас-1000» маарекесинде да чогуу болдук. Салимбай өзү, өтө жөнөкөй, эч кандай атак-даңкка умтулбаган адам. Мисалга:*

*Мен ыр жазбайм атак-даңкты кубалап,*
*Мен ыр жазбайм сыйкыр менен дубалап.*
*Мен ыр жазам жетегинде сезимдин,*
*Сезимдерим ырларыма кубанат.*

*деген ыр саптары акындын кандай адам экендигин кадыресе айгинелеп турат. Өзү жумушчу болуп иштесе дагы өнөрдү өтө жогору баалайт. Тескерисинче бош убактыларында чыгармачылык менен алектенип, изденип, ыр ышкысынын тулпарын алкындыра таптаганга далалат жасайт. Ал эле эмес, Сакемдин өзү жазган Манас эпосунун варианты да бар.*

*Салимбайдын дагы бир касиети, өзү жазган кайсыл ыры болбосун жатка айтат. Ыр*

*саптары өтө жөнөкөй уйкаштыктар менен берилгенине карабай, мазмунунда кандайдыр бир логика жатары шексиз. Далилдүү болуш үчүн «Менин баяным» аттуу ырын өрнөк алалы:*

*Байыркы журт, кыргыз элдин кыйырынан,*
*Бабалардын чыкпай баскан чыйырынан.*
*Көөдөнүмдө толкуп турса сезимдер,*
*Көңүлдөгү ойлорумду ыр кылам.*

*Көрбөгөндү билбейм мен да көрөмбү?*
*Көңүлүмдө чексиз ойлор төрөлдү.*
*Арбак даарып, Алла Таала буйруптур,*
*Аздыр-көптүр манасчылык өнөрдү.*

*Өнөрү бар өргө чабат жалтанбайт,*
*Өжөрлөнүп ак көбүгү сампарлайт.*
*Эр Манастын колдобосо арбагы,*
*Эрдиктерин ар бир адам айталбайт!*

*Өмүрүмө өзөк нугун тараткан,*
*Өнөр алды – кызыл тил го сабаткан.*
*Ыр жазамын көөдөндө ойду тизмектеп,*
*Ырыскыма берген экен жараткан.*

*Кудай берген менин ушул баяным,*
*Кудай берсе эмнесин аяйын?*
*Манас айтып, ыр жазгандан чарчабайм,*
*Кайра курчуп, эс алгансып каламын.*

*Бул ырында Салимбайдын кандай акын жана кандай манасчы экени жакшы чагылды-*


*рылган. Каракөл шаарынын жетекчилери Салимбайды чыгаан талант катары жогору баалашат. Ошентсе да талантыбыз бир топ жылдан бери алыс кете албай көмүскөдө калгансып келет. Алгачкы ыр жыйнагын чыгарууга өзү эмгектенген мекеменин жетекчиси Султаналиев Мырзатай Сагынбекович жакындан жардам көрсөтүп, демөөрчү болуп олтурат. Андыктан Мырзатай мырзага жеке эле Салимбай ыраазы болбостон, жалпы элжурт ыраазы.*

*Өнөрлүү өлбөйт деп тоолук элибиз бекеринен айткан эмес. Өнөрүң өркүндөп Алла жолдоп, арбак колдоп арышыңды кере бер.*

*Ак жол, сага, Салимбай!*

**Асанбай Жусупбеков,**
*Жалалабат облустук Улуттук*
*Жазуучулар бөлүмүнүн башчысы*

# Кыргыз элим



## БОЗ ҮЙ, КОМУЗ, АК КАЛПАК

Ажайып байлыгы мол баары белен,
Атыр жыттуу Алатоонун койну кенен.
Алатоону мекен кылып түбөлүккө,
Ак калпактуу эл жашайт «кыргыз» деген.

Айланып Алатоодон бүркүт учкан,
Ак боз үйдүн түндүгүн бийик туткан.
Калкалап эли, журтун душмандардан,
Каада-салтын, үрп-адатын ыйык туткан.

Бардыгынан өз элин бийик сезген,
Байыркы эл деп дүйнөгө даңкы кеткен.
Ак калпагы башында жарашыктуу,
Ак мөңгүлүү Алатоону элестеткен.

Үч кыл таккан өрүк дене комузу бар,
Үнү сонун кереметтүү добушу бар.
Боз үй, комуз, ак калпагы кыргызымдын,
Жана дагы кең Алатоо конушу бар.

## КЕРЕМЕТ ТООЛОР ЖЕРИМДЕ

Сагынам бийик тоо жерин,
Булутту челген тоо белин.
Улуу тоолуу кыргыз эл,
Урпагын болом мен сенин.

Жылкы айдап ар бир өрдөштөн,
Тоолук эл – тоолуу жерде өскөн.
Башында аппак калпагы,
Ак мөңгү менен өндөшкөн.

Тоолорум чексиз бай белең,
Сууларың агат сай менен.
Карагай, кайың чер токой,
Мекендейт зоосун кайберен.

Дүңгүрөп тарых баяның,
Дүйнөгө кетти кабарың.
Керемет тоолор жеримде,
Ошого сыймыктанамын.

## БЕЙИШ ЖЕРИ – КЕҢ АЛАТОО

Уламыштар эл ичинде жашап келет,
Укмуштуу сыйкырлардан кабар берет.
Кабары бизге жеткен уламыштар,
Калп чынын Көкө Теңир өзү билет.

Жараткан элге жерди бөлгөн экен,
Жардыгына бардыгы көнгөн экен.

Жалкоолугу канга синген кайран кыргыз,
Уктап калып кечигип келген экен.

Билбеймин канчасы чын, канча жалган,
Бир Кудай жердин баарын бөлүп салган.
Бейишке деп бир койдун терисиндей,
Берекелүү сонун жерди алып калган.

Кыргыздын жалкоолугун билет экен,
Бир бучкагын ал жердин берет экен.
Берекеси төгүлгөн ал бейиштин,
Бир бучкагы – кең Алатоо, биздин мекен!

## ЭРКИНДИК ЖЕМИШТЕРИ

Элим, журтум эгемендүү кыргыз болуп,
Эркиндикте эгемендүү атка конуп.
Эстей берем элимди мен, жеримди мен,
Эстегенде эркиндигин көңүл толуп.

Эркиндикте элим менин, жерим менин,
Эргип айтам даңазалап жеңиштерин.
Эсептегим келип кетет кез келгенде,
Эркиндиктин элге берген жемиштерин.

Айткым келет көп нерсенин өзгөргөнүн,
Аалам журтка айкын болуп көз көргөнүн.
Айкөл Манас 1000 жылдыгын даңазалап,
Ай-ааламга дайын кылып өткөргөнүн.

Эркиндиги элибиздин келди деди,
Эгемендик майрамы деп белгиледи.

Түсү сонун кыргызымдын байрагы деп,
Түбөлүккө желегибиз желбиреди.

Келечекте элибиздин жолу кенен,
Кенендигин айта берсек жоктур ченем.
Кыргызымдын ой-тилегин айтып өттү,
Гимн ыры бир ажайып обон менен.

Кылымдарга бул эркиндик жол чыгарды,
Кыргызымдын гербин тартып, сом чыгарды.
Бир жакадан баш чыгарып ыйык журтум,
Ынтымакта бир женден кол чыгарды.

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Кыргызым кылымдарды баскан элим,
Кыргызым сансыз ашуу ашкан элим.
Кыргызым сактап журтун түбөлүккө,
Дайрадай күр-шар этип аккан элим.

Кыргыздан Айкөл Манас чыккан элим,
Атагын аалам журту уккан элим.
Эрдигин эпос кылып тендеши жок,
Акылга бекем түйүп туткан элим.
Кыргызым бүт дүйнөгө аты угулуп,
Бүркүтчө канат сермеп учкан элим.

Акактай жаркылдаган ак сакалы,
Акылдын уюткусу аталары.
Аталарга эриш-аркак энекелер,
Күмүштөй жаркылдаган ак саамайы.

Жалтанбай найза сайып кылыч шилтеп,
Жоо келсе жолун тоскон агалары.
Жеңелер агалардын жан жолдошу,
Жеткире атып болгус сарамжалы.

Шамалдай жигиттери улак тарткан,
Шамдагай жаш балдары күлүк чапкан.
Кыргый мүчө кыздары сайма сайып,
Беш көкүл бийкечтери күлкү чачкан.

Конок келсе кыргызым коюн сойгон,
Бор кайнап кой этине казан толгон.
Алатоону мекен кылып түбөлүккө,
Аты өчпөй кыргыз калкым, кыргыз болгон.

Алатоонун белгиси деп калпак кийген,
Ата салтын бек тутуп жорго минген.
Куру койбой кыргыз журтум канжыгасын,
Аталар айтып келген санжырасын.

Кыргызым акылмандын акылманы,
Нөшөрлөп төгүп ырдайт акындары.
Манасчылар улуу Манас көчүн улап,
Угулат күндөп-түндөп айтылганы.

Кыргызым ат жалында көчмөн элим,
Кылымга аты чыгып өскөн элим.
Далай душман жеңе албай майтарылып,
Далай кыйын ашуудан өткөн элим.

Эгемендүү кыргыз болуп өз алдынча,
Азаттыкка кыргызым жеткен элим.

Кыргызымда акылдын тереңи бар,
Урпактарга калтырчу белеги бар.
Герби бар, Гимни бар, сому да бар,
Түбөлүккө желбирөөчү желеги бар.

## СЫЙМЫКТАНАМ

Туптунук, суусу мөлтүр – Узун Акмат,
Туштушу калың токой, караган шак.
Тунук суу чанкоо басып жан сергитет,
Турганда мээ кайнатып ысык аптап.

Күн-түнү тынбай акса чарчабаган,
Күзгүдөй шагыл ташы жалтыраган.
Жер эне, жан-жаныбар тоюнушуп,
Жээгинден суу ичти экен канча адам?

Айтылган кыргыз элде уламыш көп,
Айтылат биздин элде уламыш кеп.
Узун Акмат суусунун баш жагында,
Чоңдугу чөккөн төөдөй алтын бар деп.

Аккан суу учкан куштай теминет дейт,
Алтындан зор касиет бөлүнөт дейт.
Чоңдугу чөккөн төөдөй ошол алтын,
Алп талант адамдарга көрүнөт дейт.

Кандайдыр бир аз чындык болуп себеп,
Уламыш унутулбай жашап келет.
Токтогул, Коргоол, Жоомарт акындардай,
Алп таланттар алтынды көрсө керек.

Удургуп уйгу-туйгу кээде санаам,
Уламышты кез-кезде эстей калам.
Көрбөсөм да алтынды суусун ичип,
Жээгинде өскөнүмө сыймыктанам.

## ОЙ ТОЛГОО

Эне-Сай атын айтат өзүн-өзү,
Иртыш дайра «жыртыш» деген кыргыз сөзү.
Алатоо деп кыргыз эли түбөлүккө,
Аты өчпөй кылым кезип келген кези.

Эпосторду эске салсак болуп калыс,
Эчен кылым элим бербей колдон намыс.
Үзүр шаарын жердеп турган баатыр уулдар,
Эске түшөт эрксизден Жаныш-Байыш.

Алты айчалык айдың көлдүн бели экен,
Аккүргүндөй дарыянын жээги экен.
Айдың көлгө душмандарды өткөрбөгөн,
Ак калпактуу баатыр кыргыз эли экен.

Нак айтылган бабалардын сөзүбү дейм,
Нарын дайра Аккүргүндүн өзүбү дейм.
Токтогул көлү толкуп ушул күндө,
Айдың көл кайра толгон кезиби дейм.

Суулар агат көлдү көздөй тоодон кулап,
Токтогул көл Айдың көлдөй толкуп турат.
Күбө болуп жогорку айткан ой толгоого,
Көлгө куят Жаныш булак, Байыш булак.

Жаныш-Байыш булак аты өчпөй келет,
Ал булактар ой толгоого болду себеп.
Айдың көлдө сайран куруп жүргөн кезде,
Баатыр Жаныш, баатыр Байыш ичсе керек.

## ЖЕТИНИН БИРИ КЫДЫР

Маалым болгон жалпыга кенен сөз бар,
Мааниси макал болгон терең сөз бар.
Жердеген Алатоосун кыргыз элде,
Жетинин бири кыдыр деген сөз бар.

Жети өлчөп бир кесишип кутман элим,
Жеткире айтат анан макал кебин.
Жетинин бири кыдыр деген сымал,
Жети суу деп аталат өскөн жерим.

Баяндаган тарыхты кылым окшойт,
Бара жаткан жолу түптүз шыдыр окшойт.
Жергемде таланттуулар көп кезигет,
Жети суунун бир суусу кыдыр окшойт.

## МАНАС БАЯНЫ

Алатоодон Алтайга сүрүлүшүп,
Алдыдагы келечектен түңүлүшүп.
Туулган жерге жете албай кайгыланып,
Турганда кайран кыргыз үмүт үзүп.

Бактысына кыргыз элдин Манас келген,
Басташкан душмандардын баарын жеңген.

Баш коштуруп кыргызды Алатоого,
Баштап келген алыскы Алтай жерден.

Сүрдөбөй, көз ирмебей келген жоодон,
Сүрүп чыккан душмандарды Алатоодон.
Түптүү журтка хан болуп 42 жыл,
Түбөлүккө аты өчпөс баатыр болгон.

Сулайман сурагына алган эмес,
Искендер изин чыны салган эмес.
Бүткүл дүйнө балбаны Азиретаалы,
Бээжинге сурак алып барган эмес.

Чоң казатка чогултуп колду жыйган,
Чоң чыккан душмандардын баарын кырган.
Сулайман сурак кылбас чет Бээжинде,
Султан Манас жарым жыл хандык кылган.

Манастын Манастыгы дал ушунда,
Баарынан бийик туткан намысында.
Байгамбарлар барбаган чет Бээжинге,
Баатыр Манас хан болуп калышында.

## КЫРААН МАНАС

Кылымдардан кылым өтсө унутулбас,
Күнү-түнү уксаң чиркин моокум канбас.
Кыргыз журттун ырысына бир жаралып,
Кыргызды кыргыз кылган – кыраан Манас!

Жердеген жери Кеңкол, кенен Талас,
Жери үчүн, эли үчүн жан аябас.

Он кылым, миң жыл чубап өтсө дагы,
Кыргызды кыргыз кылган – кыраан Манас!

Элин коргоо Айкөл шерден калган мурас,
Эрдигине эч бир нерсе тең келе албас.
Кылымдар сансыз чубап өтсө дагы,
Кыргызды кыргыз кылган – кыраан Манас!

Журт коргоп, жоо кубалап арыбас, талбас,
Жүзүнө душман тике бет келе албас.
Кыргыз журтун арбагы колдоп жүрөт,
Кыргызды кыргыз кылган – кыраан Манас!

## МАНАСЧЫНЫН КАСИЕТИ

Маанисин элге-журтка таратчулар,
Кызытып кызыл тилин сабатчулар.
Эр Манасты эпос кылып теңдеши жок,
Эргиген бийик талант – манасчылар!

Ким билбейт Саякбайды, Сагымбайды?
Билбеген мүдүрүлүп жаңылганды.
Баяндап эр Манасты өчпөс кылып,
Бактысына кыргыздын табылганбы?

Кошулуп кырк чорого бирге жүрүп,
Күпүлдөп таң атканча билек түрүп.
Өткөн дейт өмүр бою Манас айтып,
Өткөн дейт Манас менен өмүр сүрүп.

Көөдөнгө талант күчү сыйбаган дейт,
Көкүрөккө миллион сап жыйнаган дейт.

Күлсө күлүп баатырлар ыйлаганда,
Күңгүрөнүп кошулуп ыйлаган дейт.

Манасчынын касиети дал ушунда,
Майданга да аралашып барышында.
Маанилүү айткан сөзү, айткан ыры,
Балбылдаган чырактай жанышында.

## САЯКБАЙДЫН МАНАСЫ

Калк унутпас кылым өтсө кылымдан,
Касиеттүү көл жээгинде туулган.
Гомери деп XX-кылымдын,
Атак-даңкы ташты жарып угулган.

Даңазалап ай-ааламдын кендигин,
Даңазалап Айкөл Манас эрдигин.
Ай, күнүндүн бир өзүнөн бүткөн деп,
Айкөл шердин айга, күнгө тендигин.

Чоң Нарындай күр-шар этип акчу экен,
Чоң Казатты үч күн, үч түн айтчу экен.
Ыйласа ыйлап, күлсө күлүп Каныкей,
Тайторуну талыкпастан чапчу экен.

Укканда эргип адамдын ой санаасы,
Учкул куштай талыкпаган канаты.
Сансыз кылым өтсө дагы көөнөрбөс,
Саякбайдын айтып өткөн Манасы.

## ЭЛИ-ЖУРТУ УНУТПАЙТ

Жан аябай элин журтун коргогон,
Жат душмандын жолун бөгөп торгогон.
Калкыбыздын баатыр уулу Курманбек,
Кан Манастын эрдик жолун жолдогон.

Душман десе кабак түйүп түнөрүп,
Бири-бирине чын жүрөктөн сүйөнүп.
Аккан менен Курманбектин достугу,
Урпактарга үлгү болду түбөлүк.

Махабатты артык көрүп өмүрдөн,
Баатыр уулду чындап сүйүп көңүлдөн.
Курманбектин алган жары Канышай,
Сүйүү үчүн жалтанбаган өлүмдөн.

Аккан менен Курманбектей улукту айт,
Канышайдай каухар таштан тунукту айт.
Достук, сүйүү, эрдиктерин эл-журту,
Сансыз кылым өтсө дагы унутпайт.

## ЫЙЫК ТИЛИМ – КЫРГЫЗ ТИЛ

Ушул тилди ыйык тутуп сүй деген,
Ушул тилде ата-бабам сүйлөгөн.
Кыргыз тили кылымдарды карытып,
Кыргыз тили өсүп-өнүп гүлдөгөн.
Бабалардан мурас калган бул тилди,
Башымды ийип сыймык менен үйрөнөм.

Кыргыз тилим – кымбат тилим алтындан,
Кылымдарга бабам мурас калтырган.
Укмуштуу Айкөл Манас эпосу,
Ушул тилде күндөп-түндөп айтылган.
Ушул тилде тилим чыгып өркүндөп,
Ушул тилде канат сермеп талпынгам.

Кыргыз элим Алатоосун мекендеп,
Кыргыз тилин өркүндөтүп бекемдеп.
Теңдеши жок тоо булбулу Токтогул,
Ушул тилде ырдап төккөн нөшөрлөп.
Ант беремин ак калпактуу калкыма,
Эне тилди ыйык тутуп өтөм деп.

## ТИЛ БАЙЛЫГЫ

Тил болбосо кайдан болмок сүйлөшүү,
Жашоодогу өмүрлөрдү гүлдөтүү.
Өргө тарткан тил байлыгын өрчүтүп,
Өтө керек урпактарга үйрөтүү.

Тил байлыгы – бийиктердин бийиги,
Түбөлүккө өчпөс шамдын билиги.
Тил болбосо кайдан өсүп өрчүмөк,
Теңдеши жок адамзаттын билими.

Тил байлыгы терендердин терени,
Бабалардын бизге берген белеги.
Тил байлыгы уч-кыйрына көз жеткис,
Тил байлыгы – кенендердин кенени.

Өнөр алды кызыл тилдин аныгы,
Тил байлыгы элибиздин тарыхы.
Адамзатка бүт дүйнөнү тааныткан,
Тил байлыгы – жарыктардын жарыгы.

## ЖЕТИ ОСУЯТ

Чексиз болуп атак-даңкы таралган,
Чет Бээжинге хандык такка бара алган.
Жерибизге, элибизге мураска,
Жети осуят калды Манас бабамдан.

Бир жакадан баш чыгарып ширелген,
Ынтымакта кол чыгарып бир женден.
Чалиярлар, Пайгамбарлар жеңбеген,
Чет Бээжинди баатыр Манас бир жеңген.

Ынтымагын, досчулугун ашырып,
Бардык улут урмат менен баш уруп.
Кыргыз журтка кылган кызмат, эрдиги,
Кылымдарга калды өчпөй жазылып.

Жоокерчилик ошол заман күнүндө,
Арыбаган мээнет кылып билимге.
Жана дагы жалпы журтту үндөгөн,
Табийгатты чын жүрөктөн сүйүүгө.

Коргоп журттун Алатоолуу аймагын,
Ыйык тутуп ата-баба арбагын.
Кенен ойлоп келечегин эл-жердин,
Урматтаган урпактарын, балдарын.

Ынтымакка, биримдикке баштаган,
Отко күйбөй, сууга салса акпаган.
Жат душмандын жолун тороп эл-жерин,
Кара көздүн карегиндей сактаган.

Жети осуят калды бизге жазылып,
Ташка тамга баскан сымал басылып.
Айкөл Манас осуятын сактайлы,
Келечекте иш жүзүнө ашырып.

## КОМУЗ КҮҮСҮ

Үч кыл комуз чебер колдор коштогон,
Кээде күлсө, кээде мундуу боздогон.
Жан эргиткен кайрыктары адамдын,
Жандүйнөсүн кытыгылап козгогон.

Миң сан күүлөр үч кыл менен чертилет,
Мукам добуш сезимдерге серпилет.
Күлүп, ыйлап, ырдап турган бул комуз,
Кандай укмуш, кандай чексиз эрки бек!

Өрүк дене, жалгыз тээк, үч кулак,
Өзөн суудай күүлөр турат үн улап.
Абай салсак кереметтүү комуздун,
Ар бир күүсү тоодон аккан мөл булак!

Мөл булактан дайра, деңиз куралат,
Кандай пенде муну сезбей тура алат?
Соолубаган дайра, деңиз сыяктуу,
Соолбой агып комуз күүсү уланат.

## УЛУУ ТООЛОР

Тоо койнунда дары чөптүн түрлөрү бар,
Жыты аңкыган жыпар жыттуу гүлдөрү бар.
Улуу тоодон мөлтүр булак шылдыраса,
Ууз жүздүү бийкечтердин күлгөнү бар.

Тоо койнунда күн нурунун желеси бар,
Арча жыттуу аскасы бар, белеси бар.
Улуу тоолор ак мөңгүдөн селде оронсо,
Кыргызымдын калпагынын элеси бар.

Тоо койнунун алтын, күмүш таштары бар,
Кыргыз элдин тарыхынын тактары бар.
Улуу тоодон бир калыпта шамал соксо,
Теңдеши жок Аккуланын таскагы бар.

Улуу тоонун уч-кыйырсыз арасы бар,
Түзөң беттүү, ой чуңкурлуу талаасы бар.
Улуу тоону булут каптап каарданса,
Эр Манастын сүрүн салып карашы бар.

Тоо койнунун мөлтүр кашка суулары бар,
Тоолук элге обон салып турганы бар.
Улуу тоодон шаркыратма шаркыраса,
Обондордун миң ажайып ыргагы бар.

Тоо койнунун калың токой талдары бар,
Аркар-кулжа, түрдүү жапан жандары бар.
Улуу тоолор бир жылмайып бир түнөрсө,
Кыргыз элдин кубанчы бар, арманы бар.

Тоо койнунун булут челген бийиги бар,
Кайберендин тукумунан кийиги бар.
Улуу тоого нур чачырап жаркыраса,
Кыргыз элдин өчпөй күйчү билиги бар.

Тоо койнунун жашыл түстүү килеми бар,
Тоолук элдин келечеги тилеги бар.
Улуу тоодон бүркүт шаңшып канат какса,
Үч кыл комуз, кереметтүү күүлөрү бар.

Тоо койнунун мал жайылган өрүшү бар,
Жайдыр-кыштыр эрибеген мөңгүсү бар.
Улуу тоонун койнунда – ат жалында
жашап келген кыргыз элдин белгиси бар.

Тоо койнунун Теңир тоодой турагы бар,
Үнүн уккан ыйык туткан улары бар.
Улуу тоонун чексиз кенен кучагында,
Пейли кенен элибиздин кыялы бар.

## БАТА САЛТЫ

Абалтан салтын сыйлайт кыргыз калкы,
Ата-эне сыйлоо бизде ата-салты.
«Кыдыр даарып, бак карасын оомийин» – деп,
Кыргызда келе жаткан бата салты.

Кыдыр ата көзүн салса көңүл сүйүп,
Жоолугат дейт үч жолу түшкө кирип.
Үч жолу жоолугат дейт өңүндө эле,
Учурашып кол бергин калсаң билип.

Жолуксан түшпү, өнбү көңүл бура,
Жылуу сүйлөп аңгеме сөздү кура.
«Баш бергин, узун өмүр жаш бергин», – деп,
Баш ийип, кулдук уруп бата сура.

Адамды кыдыр ата даарыйт дешет,
Ата кыдыр даарыганда маарыйт дешет.
Жолугуп кыдыр ата бата берсе,
Жүзгө чыгып ошол адам карыйт дешет.

## ЭСТЕП ДАЙЫМ ЖҮРӨЛҮК

Жалын чачып асман менен ок учкан,
Эл-журт үчүн эрлер курман болушкан.
Аттиң согуш! Канчаларды ыйлатып,
Атажурттан алыс жакка коюшкан.

Энелердин көлдөй болуп көз жашы,
Эл-журт үчүн курман болуп бир башы.
Ташты дагы ыйлатты го чиркин ай,
Уулу үчүн көз жаш төгүп ыйлашы.
Элестери көздөн кетпейт эч качан,
Эчен шаардын талкаланып кыйрашы.

Шум согушту арман кылып, ыр кылып,
Көкүрөктө соолубаган муң кылып.
Нечендеген эр азамат келишти,
Жарым жандуу, колу-бутун жулдуруп.

Кудай Таалам согуш жолун тордосун,
Кыргын согуш эч убакта болбосун.

Ажал издеп жалын бүркүп зыркырап,
Асман менен учпаса экен коргошун.
Жер эненин мээримине бөлөнүп,
Жерге, элге бейпил тынчтык орносун.

Жениш күнү бакыт чачып жалпыга,
Жергебизге, ак калпактуу калкыма.
Бейпил, тынчтык берекелүү турмушта,
Бөлөнө бер кыргыз журтум бактыга!

Жогол согуш! Кайра келбе кайрылып,
Биз жашайлы көңүлдөрдү жай кылып.
Жүздөрүбүз жаркын маанай күлүндөп,
Жүрөктөрдө тынчтык отун жандырып.

Жергебизге тынчтык орноп түбөлүк,
Атыр бүркүп Алатоодо гүл өнүп.
Эгем Таала буюруп бизге бейпилдик,
Элди, журтту чын жүрөктөн сүйөлүк.
Курман болгон согуштагы эрлерди,
Унутпастан эстеп дайым жүрөлүк.

## ДУШМАНГА ЖЕТСИН УБАЛЫ

Ооган жери – боз адырдын арасы,
Уч-кыйырсыз көз жетпеген талаасы.
Же өмүрбү, же өлүмбү биле албай,
Жүз бөлүнгөн жоокерлердин санаасы.

Жамгырдай ок баш көтөртпөй жадаткан,
Жүрөктөрдү эстегенде канаткан.

Суук колдуу душмандардын колунан,
Суу ордуна кызыл кочкул кан аккан.

Ой-санаанын кайгысына чөмүлүп,
Ок жанылып, каны суудай төгүлүп.
От жалындай далай кырчын өмүрлөр,
Оо дүйнөгө бизден кетти бөлүнүп.

Далай үйдү суук кабар аралап,
Көз жаш агып эки беттен салаалап.
Далай эне кайгы, мунга чөмүлүп,
Калып калды жүрөктөрүн жаралап.

Сүрдүү жоокер колунда бар куралы,
Мекен үчүн өлүмгө тик турары.
Энелерге кайгы салган душмандар,
Көз жашынын жетсин сага убалы!

## ЖЕР ЭНЕ

Тендеши жок Жер эне, тендеши жок,
Аны билбес Алланын пендеси жок.
Абайласак баары бар Жер энеде,
Айткылачы билсенер, эмнеси жок?

Суу чыгат Жер энеден тунук кашка,
Урунуп агат анан таштан ташка.
Суусу жок жашай албайт бир да нерсе,
Суу кошот өмүрлөрдү өмүр жашка.

Түгөнбөйт түбөлүккө жер байлыгы,
Түрдүү-түрдүү жер эненин кен байлыгы,

Жашоону улап келет үзгүлтүксүз
Жалпыбызга жер берген эл байлыгы.

Жер эненин касиетин жар салабыз,
Жер менен өсүп өнүп жан багабыз.
Эмгек кылсак Жер эненин берекеси,
Эң керектүү адамзатка нанды алабыз.

Жер энени барактап ача берсек,
Даңазалап таразалап жаза берсек.
Кылымдап айтып бүтпөс дастан болот,
Кен байлыгы сыяктуу каза берсек.

## ШОРУБУЗ АРЫЛБАЙТ

Жигит көрдүм көпчүлүктө мас болгон,
Жинди сымал акыл-эси аз болгон.
Көтөрүлүп өзүн мактап жулкунуп,
Көрүнгөндү сөгүп сүйлөп кас болгон.

Мастыгына уялбай да, кебелбей,
Майдандагы жеңип чыккан берендей.
Калжаңдаган абийири жок жигиттен,
Качып жатты элдин баары теңелбей.

Бирөө айтты: «Атаганат, эр экен,
ай азамат, аңык эркек неме экен!»
Анын ою арак ичип жиндесеn,
Ал кылганын эрдик менен тең экен.

Бирөө айтты: «Адам эмес, айбан го,
кайран жигит адамдыктан тайган го.

Ырыскысын арак менен кошо ичип,
Ыркыраган итке окшошуп калган го...»

Ар нерсени ар ким ойлойт ар кандай,
Айткан жакшы ал оюнду тайманбай.
Чыгарбасаң көңүлдө ойду ачыкка,
Чындык болот кээ бир кезде жалгандай.

Ийри жолду түптүз жолго буралбай,
Ичкиликти эрдик десек уялбай.
Кантип анан аракечтик азаят,
Карап турсак калпыс ишти туялбай.

Айткан сөздү көңүлгө алып коюңуз,
Ача чыкса аракечке оюбуз.
Аракечти эрдик менен теңесек,
Арылбайт го өмүр бою шорубуз.

## АРАК ЖАНА АДАМ

Арак деген өтө жаман нерсе экен,
Алла Таала бизге нысап берсе экен.
Балакеттүү арактан биз кутулуп,
Башыбызга бакыт-таалай келсе экен.

Арак ичүү алып барбайт жакшыга,
Адамдардын баары аны көрсө экен.
Ичпей койсоң бардыгы тең эң жакшы,
Ийип башын ага адам көнсө экен.

Тамагыңды арак менен майлайсың,
Таруу бозо кайнагандай кайнайсың.

Эгем Таала тартуулаган өмүрдө,
Эң биринчи ден соолукту жайлайсың.
А кокустан эс-учу жок мас болуп,
Ажалы жок өлүп калсаң кандайсың?
Түтүнү жок күйүп өтүп жалгандан,
Түгөнбөгөн дүйнөдөгү армансың.

Арак – жаман, аны жакшы билебиз,
Ага болбой ичип эле жүрөбүз.
Үйгө жетпей оонап калып көчөдө,
Үйүлдү го башыбызга күнөөбүз.
Чамабызга карабастан көп ичип,
Чатактарды башыбызга үйөбүз.
Карызы бардай арак ичсек күнүгө,
Кантип анан жакшы өмүр сүрөбүз?
Эмне үчүн куудул сөзгө күлбөстөн,
Арак ичсек арсалаңдап күлөбүз?
Жалжалаңдап иче берсек аракты,
Жакшы көрбөйт күткөн үй-бүлөбүз.

Ооруп калат эртең менен баштарың,
Уйпаланат түрү суук чачтарың.
Элдир-селдир эстей албай ойлонуп,
Элден башка тамтаң-тумтаң басканың.
Баарын таштап «пахмель» издеп жөнөйсүң,
Түшсө дагы үстүңдөгү асманың.
Баратасың алкаш атка айланып,
Байкабайсың бакыт сенден качканын.

Жаман көрөт сүйүп тапкан аялың,
Жайнап күлүп, чачпайт сага жамалын.
Ичип жүрүп, ичип жүрүп сезбейсиң,
Соккондугун жамандыктын шамалын.

Чыдап, чыдап күчүн жашка чыгарып,
Тапай калат кантер айла амалын.

Кээ аялдар бардыгын тең ташташат,
Өзүн менен кошо иче башташат.
Жаман арак ана ошентип бүлөнү,
Жамандыктын босогосун аттатат.
Ата-энеден, бир тууганда бөлүнтүп,
«Алкаштарды» тууган кылып каттатат.
Жүз граммды бөлө ичип күнүгө,
Жалаң гана «арак достор» каттащат.

Карап көрсөң алкаш болот жан жагың,
Каралбастан калып калат балдарың.
Арманындай он үч жашар баланын,
Айтат анан арылбаган арманын.
Байкагыла бул айтылган ырымдын,
Баасын жана канча экенин салмагын.
Чактап ичпей берилем деп аракка,
Чайнап калба этегинде бармагың.
Түбүнө эле жеткире айтып жатамын,
Түшүнгүлө, түшүнгүлө калганын.

Айрымдары таштап кетип калышат,
Арга жоктон тагдырына наалышат.
Алла Таала кайра баштан бак айтса,
Сенден сонун да бирөөнү табышат.
Кээ бирөөсү бекем бууп белдерин,
Кейитпестен уул-кызын багышат.
Бирок ойло балдарына жок жерден,
Жетим деген кемсинткен сөз жабышат.
А сен болсо ичип жүрүп өлөсүң,
Арак сени тескериге агызат.

Ата-энең жадаган соң карабайт,
Балам дешип бала ордуна санабайт.
Бир туугандар андан бетер жадашып,
Өлсө экен деп андан башка самабайт.
Ата-эне бир туугандар ичинде,
Армандары сени айтып тарабайт.
Өлүп калсаң көмүп коёт ыйлашып,
Андан башка сый да сага жарабайт.

Аракечтер арман менен көмүлөт,
Ажал деген эрте келип аларга,
Ата журттан бир топ эрте бөлүнөт.
Карап туруп сырт жагынан аларды,
Кабыргалар кайышат да сөгүлөт.
Багылбаган балдар барат көбөйүп,
Байкап көрүп ойлор ойго чөмүлөт.

Багылбаган балдар жүрөт нан таппай.
Баарын ичип ата-энеси таштаган,
Баш калкалар жерлери жок жай таппай.
Арак деген жетет акыр түбүнө,
Акырындан жүрүп-жүрүп байкатпай.
Байкуш балдар келечеги не болот,
Жүрүшөбү өмүр бою сай таптай?

Эмне үчүн айтып жатам буларды,
Эх чиркин деп далай арман чубалды.
Кандай сонун жигит эле башында,
Эске салчы кинофильм «Уланды».
Өзү болсо өлүп кетсин түрмөдө,
Балдарына жаман жүрөк ууланды.

Кемпир-чалдар арак ичсе калжандап,
Ата, бала арак ичет алжандап.
Жашабагыр он сегизге чыга элек,
Жапжаш кыздар мас болушат жагжаңдап.
Машинаны ичип алып айдашат,
Байкуш бирөө бара жатса көчөдө,
Эч күнөөсүз тебелетип жайлашат.
Жардан кулап тоголонуп тал сүзүп,
Өмүрлөрүн ичкиликке алмашат.
Күнөөсү жок бирөөлөрдү өлтүрүп,
Аракечтер канды жаман кайнатат.
Ошондуктан арак менен дос болбо,
Эсиң барда артты көздөй кайра тарт!
Ичпегин деп уккандардын баарына,
Колдон келсе түшүндүрүп акыл айт.

Ичкенден соң баатыр болгон ойрон бар,
Жумурткадан кыр чыгарып урушуп,
Бирин-бири өлтүрүшүп койгон бар.
Ал эле эмес тоюп алып аракка,
Ата – уулун, бала – атасын сойгон бар.

Мас болгон соң зөөкүр болгон кайран көп,
Кыйын ишти жасап салган өңдөнүп,
Кыз байкушту зордуктаган айбан көп.
Оозго алгыс дагы далай иштерди,
Жасагандар мас болгондо абдан көп.
Колдон келбейт баарын жазып салышка,
Арак барда түгөнбөгөн арман көп.

Арам тамак арак элди жадатты,
Ал эле эмес чоңдор ичет аракты,

Жетекчиси арак ичип жаткан сон,
Кол алдында эли карайт каякты?
Аталары-энелери ичкен сон,
Анан балдар кимден алат сабакты?
Оозго алгыс нерселер көп жаза албайм,
Ошолордун баарын арак жаратты.

Болбогонду болтурабыз ондойбуз,
Акыл менен көп нерсени ойлойбуз.
Колдон келет баардыгы тен адамда,
Коркунучтан өзүбүздү коргойбуз.
Айбан деле багып жатат балдарын,
Арак ичсек айбанча да болбойбуз...
Арак ичүү жаман адат билебиз,
Анан ошол адатты биз жойбойбуз.
Акыл-эстүү адамбыз го замандаш,
Анан неге аракты биз койбойбуз?

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ КАЙДА?

Байыркы эл – кыргызым көчмөн экен,
Бабалардын жолун улап өткөн экен.
Жайлоо менен кыштоого жадабастан,
Жасалгалуу шаани менен көчкөн экен.

Утурлап көч келатса жолун тосуп,
Учурашып башын ийип колун созуп.
«Улоо бели бекпи», – деп жардамдашып,
Узатышып коюшчу экен салым кошуп.

Алдынан ата чуркап, бала чуркап,
Айран, кымыз – суусундук ала чуркап.
Байсалдуу сапар тилеп көчкөндөргө,
Бар тапканын дасторконго сала чуркап.

Карт тарых баяндарын чубап келген,
Каада-салтын бабалардын улап келген.
Меймандостук калкымда бийик туруп,
Мекенге, урпактарга мурас берген.

Калк абийирин жашырбай ачып кирдик,
Каада-салтты тутунбай чачып кирдик.
Айран, кымыз – суусундук бермек түгүл,
Арыктагы сууну да сатып кирдик.

Бара жатсаң жол боюнда ашкана көп,
Баасы кымбат түрдүү тамак, мастава көп.
Чоочуркабай суусундук сатып жаткан,
Чоңдор түгүл, жайнаган жаш бала көп.

Басмырлоо үрп-адатты кимге пайда,
Байыркы каада-салттуу кыргыз кайда?
Бабаларга кандай жооп айтабыз биз,
Барганда чын дүйнөгө, тиги жайга?

* * *

Макал менен таамай айткан акылды айт,
Маани жайын ырга тизген акынды айт.
Бүгүнкүнү эртеңкиге калтырба,
Тоок байкуш туурунда какылдайт.

* * *

Ар бир нерсе башталат го майдадан,
Аны билбейт кээ бир наадан, майда адам.
Баласыз үй мазар болсо бозоргон,
Балалуу үй базар болот кайнаган.

* * *

Улуулардын көңүл буруп сөзүнө,
Ушак айтпа, айтсаң айткын өзүнө.
Ашык болуп башкаларга сын такпа,
Ар кимдики ай көрүнөт көзүнө.

* * *

Өтөөлүнө чыккын ишти баштасаң,
Өтө зыян бүтүрбөстөн таштасаң.
Жалпы элден эч убакта бөлүнбө,
Жалгыз дарак токой болбойт эч качан.

* * *

Жакшыны да, жаманды да ылгайлы,
Эпчил болуп таба билген ыңгайды.
Ар бир ишке жетик жана тетик бол,
Калап жакса кар да күйөт турбайбы.

* * *

Жакшы адам жакшылыктан түңүлбөйт,
Жамандыкка моюн сунуп бүгүлбөйт.
Ууру кылып, ушак сүйлөп, калп айтпа,
Шамал болбой чөптүн башы ийилбейт.

* * *

Оомат келсе көөп кетип кутурба,
Ойдо жоктон жаман ишке жутунба.
Шоруң кайнайт алкымыңды чоң ачсаң,
Шодокондун бүркүтүндөй жутунба.

* * *

Эч убакта бөлүнбөгүн элинден,
Элдин сөзүн чыгарбагын көңүлдөн.
Сүйгөнүңдү чын жүрөктөн тандап ал,
Ак буудайдын барар жери тегирмен.

* * *

Эр жигиттин эң кымбаты эли дейт,
Эл-журтунун көкөлөткөн деми дейт.
Ырыс алды – кут, береке, ынтымак,
Бөлүнгөндү албетте бөрү жейт.

* * *

Суук сөздөр жүрөгүңдү эзет да,
Суу отундан өйдө күйөт тезек да.
Теке болсун, бука болсун баары бир,
Сүт бергени чындыгында эсеп да.

* * *

Эттен башка эсептебей азык деп,
Эч убакта сүйлөбөгүн жазык кеп.
Пайгамбар да бардыгына ыраазы,
Мышык майга жетпей айткан «сасык» деп.

* * *

Бай мактанса албетте табылат,
Байкуш кедей атаандашса чабылат.
Жай кийгенин кыштын күнү кийген сон,
Жалкоолордун шору кайдан арылат?

# Сыйкырчым анык өзүңбү?



## КЫЗ ЖАНА ГҮЛ

Жаздын күнү майдын айы күн салкын,
Жашыл килем төшөлгөндөй айлана.
Бирге басып көк шиберди аралап,
Бир кыз-жигит келе жатты жай гана.

Бири-бирине күлө карап жаркылдап,
Жигит сүйлөп, селки күлүп шаңкылдап.
Өмүрүндүн эң бир таттуу учуру,
Кандай сонун – күлгүн курак, жаштык чак.

Туура жакта жаңы ачылган кызыл гүл,
Турат жалгыз жытын чачып буркурап.
Кыпкызыл гүл жыты сонун өзгөчө,
Башын ийип, желге желпип кулпунат.

Колтугуна боз уландын ыкталып,
Кыйгач карап, түз карабай жазганып.
«Үзүп берчи, кызыл гүлдү кооз экен?», –
деди селки кылыктана назданып.

«Ырас эле, кооз экен өзгөчө,
Бирок шашпа, кызыл гүлгө ашыкпа.
Өз жанымда андан кооз гүл турат», –
деди жигит: «Ал гүл бизге ашыкча...»

## СЫЙКЫРЧЫМ АНЫК ӨЗҮҢБҮ?

Көргөндө көңүл бөлүнөт,
Көзүңдөн нурлар төгүлөт.
Эстесем сени ар убак,
Элесиң көзгө көрүнөт.

Көрсө да жүрөк жүзүңдү,
Көп эңсейм дайым өзүңдү.
Өзүңдү дайым эңсеткен,
Сыйкырчым анык өзүңбү?

Элесиң турат жылмайып,
Жүзүңдү сүйкүм нур чалып.
Нур чалган сенин жүзүңдөн,
Айлана шаңга курчалып.

Курчалып шаңга айлана,
Кубанат жүрөк шаңдана.
Көрсө да жүрөк көп эңсейт,
Көргүсү келип кайра да.

## СҮЙӨМ СЕНИ

Көз карашың – жарык чачат күн нурундай,
Ыр ырдашың – гүлзар бактын булбулундай.
Мени өзүңө кумарланткан кара көзүм,
Көзүмө сен көрүнөсүң сыйкырлуудай.

Же махабат сыйкырлуубу, билбейм кандай?
Акак жүзүң ажарланат аткан таңдай.
Турасың сен жарык чачып мага дайым,
Түбөлүккө өчпөс оттой, өчпөс шамдай.

Махабаттын бешигинде термелемин,
Күндүр-түндүр ойлогонум сенсин менин.
Элжиретип ээлеп алдын жүрөгүмдү,
Ошончолук күчтүү беле кереметин?

Билбейм өзүң билбейсинби, билесинби?
Жактырамын жанга жагым мүнөзүндү.
Сага теңдеш издеп, издеп таба албаймын,
Сүйөм сени, өмүр бою бир өзүндү.

## СҮЙҮҮ ДЕГЕН

Жайнап турса жазда тоонун гүлдөрү,
Сайрап турса бакта булбул үндөрү.
Махабатка бөлөнөт го чиркин ай,
Жандап турса жаш жигиттин сүйгөнү.

Сүйүү деген өмүрүмдүн жарыгы,
Сүйүү деген махабаттын жалыны.
Сүйгөн теңим – көктө чолпон жылдызым,
Сүйгөн теңим – жүрөгүмдүн жарымы.

Сүйүү деген – сезимдердин назиги,
Сүйүү деген – махабаттын азыгы.
Сүйгөнүнө жетпей калсаң кокустан,
Жок болот го өмүрүндүн кызыгы.

Кандай кирсиз, кандай тунук махабат,
Махабаттан алам дайым ыракат.
Махабатка бөлөп турган ар дайым,
Сүйгөнүмө миң мертебе ыракмат.

## ГҮЛДЕСТЕ

Арнайм ушул сүйгөнүмө ыр десте,
Бул ыр десте өмүр бою жүрсө эсте.
Улгайган соң турмуш куруп, баш кошуп,
Эстеп жүрсөк жаш кезекти кез-кезде.

Суранарым ыр дестени кирдетпе,
Бактылуу го сүйгөнүнө ким жетсе.
Сунам сага ушул букет сүйгөнүм,
Ыр десте эмес, ыр түрүндө гүлдесте.

Сенсиң менин бул жашоодо жыргалым,
Сага арналат гүлдестечем, ырларым.
Эстеп окуп ар убакта жүрөлүк,
Жаштык кездин жакшынакай жылдарын.

## АК СҮЙҮҮМДҮ АКТАЧЫ

Эстейм сени ар убакта көңүл дегдеп,
Күндө дагы, түндө дагы жүрөм сен деп.
Элестейсиң көзүмө сен асылкечим,
Кол булгалап турган сымал бери кел деп.

Сен мен үчүн – ажарланып аткан таңсың,
Сен мен үчүн – алоолонгон өчпөс шамсың.
Ааламдагы теңдеши жок асылзатым,
Асмандагы жанып турган жылдыздайсың.

Жалгыз бассам көчөдө эстей берем,
Жалжал тиктеп эки жакты элен-элең.
Ал ансайын эңсөөм күчөп жалындаймын,
Алоолонуп махабатым сага деген.

Жактырдым жакшы көрүп, сүйдүм сени,
Актачы ак сүйүүмдү, сүйүп мени.
Бакытка бөлөнөт го адам чиркин,
Баркына жетсе анын сүйгөн теңи.

## ТААЛАЙЫМ СЕНСИҢ

Көздөрүң чолпон жайнаган,
Күкүгүм сенсиң сайраган.
Жолуксам дагы эми эле,
Жолуккум келет кайрадан.

Калемдей кашың чийилген,
Камыштай белиң ийилген.
Кара көз сени көргөндө,
Кубанып жүрөк сүйүнгөн.

Жытың да жыпар аңкыган,
Жытыңа боюм балкыган.
Мукамдуу добуш үн салган,
Булбулум сенсиң таңшыган.

Карагат сымал көздөрүң,
Канттан да ширин сөздөрүң.
Бир жүрсөм күндүз, түндө да,
Билбеймин күндүн өткөнүн.

Татынакай жамалың,
Тармалданган саамайың.
Такыр жок теңдеш издесем,
Таалайым сенсиң таалайым.

## АК ТИЛЕК

Ишке ашса максат, тилек, оюбуз,
Келечекте кенен болсо жолубуз.
Махабаттын мөмөсүнө ар убак,
Сунган сайын жетип турса колубуз.

Сыйкырлуудай мин кубулса түрүбүз,
Шайыр шандуу бийик чыкса үнүбүз.
Өтсө дагы өмүр ашып кылымдан,
Өзөн суудай агып турса сүйүүбүз.

Катар басып кадам коюп турмушка,
Ата болуп, эне болуп уул-кызга.
Адал кызмат өтөп турсак ар дайым,
Ак калпактуу баатыр элим кыргызга.

## ЭҢСӨӨ

Эңсеттин жаным өзүңдү,
Эңсөөдөн жаным эзилди.
Өмүрдө арман жок эле,
Өптүрсөң аппак бетиңди.

Жүрөгүм күйүп жалын чок,
Жетүүгө сага арга жок.
Эзилип жүрөк бир жүрсөм,
Эх чиркин, анда арман жок.

Кызыл гүл мага боло албай,
Кылчайып сага коно албай.
Эңсеген бойдон өтөмбү?
Эрдиңден бир жолу соро албай.

## ӨЗӨГҮМ КЕТЕТ ЖАЛЫНДАП

Жамгырлап нөшөр төккөндө,
Жаз айы жаркын көктөмдө.
Эт жүрөк толкуп эзилди,
Өзүндү алгач өпкөндө.

Мөлтүлдөп акса мөл булак,
Мөмөсүн төксө алма бак.
Алтыным турдуң кучактап,
Акактай беттен аймалап.

Айлуу түн бизге жарашып,
Алтыным сага жанашып.
Аралап жүрсөк калың бак,
Агарып кетчү таң атып.

Махабат терең калыңдап,
Экөөбүз жүрчү калың бак.
Өбүшкөн кезди эстесем,
Өзөгүм кетет жалындап.

## СЕН ЖАШАЙСЫҢ

Арнагам сага тунук ак сүйүүмдү,
Азапка түшүп жүрөк күнү-түнү.
Асманда кол жетпеген чолпон белең?
Асылым үзө албадым үмүтүмдү.

Түшүмө ар убакта сен киресиң,
Түңүлбөй бир өзүндөн жаштык сезим.
Ойгонуп сен жогунду эстегенде,
Аргасыз жашылданат эки көзүм.

Сүйүүнүн сыноосунан өтө албадым,
Сүйгөнүм бир өзүнө жете албадым.
Жашап келем өзүнсүз арга жоктон,
Жашоодон бирок жаным кече албадым.

Сен жашайсың сезимимде элес болуп,
Ашалбас аска-зоолуу белес болуп.
Көңүлүм бир өзүңдү самай берет,
Көкүрөк энсөө менен муңга толуп.

## АЙ ПЕРИШТЕМ

Жаңы ачылган жаз гүлүндөй жайнаган,
Жалжал көзү жандүйнөмдү арбаган.
Жүзүм өңдүү мөлтүрөгөн жүзүнө,
Жүрөк чиркин тике даай албаган.

Көрсөм дагы көргүм келип кайрадан,
Көгүчкөнүм сенден моокум канбаган.
Туткунуна махабаттын чырмалып,
Тунук сүйүүм бир өзүңө арнагам.

Сезимдерде түркүн ойлор жайнаган,
Сан гүлдөрдөн бир өзүңдү тандагам.
Моокум кана жыттай албай ал гүлдү,
Булбул болдум муңдуу добуш сайраган.

Ай периштем... Аккуу моюн келбетин,
Асмандагы кол жетпеген жердесиң.
Ашыктыгым артып сага күнү-түн,
Арнайм сага ырларымдын берметин.

## АСЫЛ ДЕЙМИН

Гүлдүн түрү көп экен го жайнаган,
Гүл бар үчүн булбул таңшып сайраган.
Көркү сонун гүл жытына кумармын,
Көпөлөкчө тегеренип айланам.

Менмин ошол жыттуулардын ашыгы,
Ашыктыктын болбойт экен жазыгы.
Сезимдерге сүйүү отун жандырган,
Сенсиң ошол сан гүлдөрдүн асылы.

Ак булутту аралатып сезимди,
Ар убакта ээлеп алдың эсимди.
Ашыктыкка жүрөк отун чалынткан,
Асыл гүлүм – асыл деймин өзүндү.

Аралатып асман жердин арасын,
Асмандагы жылдыз болуп жанасын.
Алоолотуп жүрөктөгү жалынды,
Асыл бойдон жүрөгүмдө каласың.

## САГЫНАМ ДАЙЫМ

Калемдей кара бир чийин,
Каштарынды сагындым.
Кадамың таштап керилип,
Басканынды сагындым.
Каректен сүйүү илебин,
Чачканынды сагындым.

Сүйлөсөң жүрөк эриткен,
Сөздөрүңдү сагындым.
Сурмасы сонун жарашкан,
Көздөрүңдү сагындым.
Өзгөчө сүйкүм наз менен,
Өпкөнүңдү сагындым.

Суктанткан жанды өзүңө,
Сүрөтүңдү сагындым.
Жанга бир жагым жароокер,
Мүнөзүңдү сагындым.
Жамалы жанды эриткен,
Бир өзүңдү сагындым.

Элесиң кетпей жанымдан,
Булбулдар сайрап шагымдан.
Дарылап жүрөк энсөөсүн,
Дайрадай болуп агылам.
Санаамдан чыкпай бир өзүң,
Сагынам дайым сагынам.

## АРГАСЫН КАНТЕМ?

Өрүлгөн кундуз чачтарың,
Өзгөчө сонун басканың.
Өрттөнүп күйүп жалындап,
Өзүңдү сүйдүм аппагым.

Сүйүүнүн отун ырбаттың,
Сүйөм деп сага ыр жыздым.
Кыйналган жанды өзүң деп,
Кыялым менен жыргаттым.

Кыялда бирге жүрөмүн,
Кызыктуу өмүр сүрөмүн.
Кыялдан кетсем адашып,
Кызыл чок болуп күйөмүн.

Кылчайып артка карасам,
Кызыктуу ыр сап жаратам.
Кымбатым жаным сен үчүн,
Кыялкеч болуп баратам.

Кымбатым сүйдүм сени мен,
Кыялда сага берилем.
Аныктап сага жетүүнүн,
Аргасын кантем эми мен?

## ЭМИ КАЧАН?

Жаш сулуу жакын жүргөн жанымдагы,
Жүрөктүн оту сен деп жалындады.
Өзүндү барган сайын эңсей берем,
Махабат терендеди, калыңдады.

Айталбай сага деген ойлорумду,
Алтыным, сага ашык болгонумду.
Түңүлбөй бир өзүндөн сезимдерим,
Түшүмдө кармалаймын колдорунду.

Сүйүүсүн жүрөгүмдүн ырбатасын,
Сүйөм деп кыялымда жыргатасын.
Түйшөлүп ойгонгондо таппай калам,
Түшүмдө колтукташып бир басасын.

Толгонуп кучагыма толосунбу?
Тумар кыз бир өзүмө болосунбу?
Толбогон жүрөктөгү сүйүү көлүн,
Толтуруп кара көзүм коёсунбу?

Ойлонуп бир өзүңдү ойго батам,
Оболоп сезимдерим мен ыр жазам.
Мончоктой мөлтүрөгөн кара көзүм.
Моокумум кандырасың эми качан?

## КЫЯЛДАНАМ СЕЗИМДЕ

Талпынамын бакытка,
Таамай ага жете албай.
Мыйзамынан жашоонун,
Бирок чыгып кете албай.

Бакыт берсе жараткан,
Баалай албай калабыз.
Кылчайбастан кеткен соң,
Кызыл чоктой жанабыз.

Жүрөк толкуп алоолоп,
Чексиздерге умтулам.
Чертип сүйүү күүлөрүн,
Махабатка кол сунам.

Чарк айланам ааламды,
Чексиздерге жете албай.
Жашай берем жалганда,
Сыйкыр болуп кете албай.

Болсом эгер сыйкырчы,
Алтын балык болмокмун.
Эсеп жеткис бак-таалай,
Элге чачып коймокмун.

Сүрү күчтүү деңизден,
Сүзүп чыгып келмекмин.
Көөнөрбөгөн махабат,
Бардык элге бермекмин.

## УНУТПАЙ КОЙДУМ

Ак булут көктөн көчкөнүн эстейм,
Аттиң ай, ал күн өткөнүн эстейм.
Артылып колуң ак жүздөн сылап,
Алтыным өзүң өпкөнүң эстейм.

Эстесем сени эзилип жүрөк,
Элесиң жанда сезилип жүрөт.
Ал кезек кайра кайрылбайт экен,
Армандын оту алоолоп күйөт.

Нугуна түштүк айрылыш жолдун,
Нур жүздүү жаным – кайрылгыс болдуң!
Улардай мүчөң элестеп көзгө,
Умсунуп жүрөк унутпай койдум...

## КАЙДА?

Балбылдап жанган көздөрүң кайда?
Бал тамган ширин сөздөрүң кайда?
Кучактап алып мөлтүрөп ыйлап,
Сүйөм деп айткан кездериң кайда?

Махабат дастан баяның кайда?
Маралдай мүчө карааның кайда?
Жандүйнө, сезим жалынга түшкөн,
Жароокер, сүйкүм жамалың кайда?

Жүз чайган тунук булагың кайда?
Жүзүмдөй мөлтүр убагың кайда?
Алоолоп жүрөк, арзуу бир тилеп,
Асмандап учкан кыялың кайда?

Сүйүүнүн көлүн кечкениң кайда?
Сүйүүнүн күчүн сезгениң кайда?
Каалаймын жаным өзүңдү деген,
Кареги жаштуу көздөрүң кайда?

Сезимге арзуу сепкениң кайда?
Себелеп көз жаш төккөнүң кайда?
Армандуу жашың жүзүңдү жууп,
Алтыным сен деп өпкөнүң кайда?

Ыр-обон шаттуу ыргагың кайда?
Ырыстуу жаштык жылдарың кайда?
Мойнума колуң оролуп чыкпай,
Моокумуң канбай турганың кайда?

## САПАРДАГЫ СҮЙҮҮ

Карегинден карегимди тарта албай,
Кайда жүрдүң мурун мага байкалбай?
Бара жатам жанында мен жанаша,
Бирок сага чын сырымды айта албай...

Каракөлдөн Ошко кетип баратып,
Карегиңе карегимди каратып.
Сүйүп калдым бир өзүңдү кара көз,
Сүйүү үчүн ыр саптарын жаратып.

Сен мен үчүн болдуң жаным асылзат,
Саат жылат улам алга закымдап.
Аргасыздан бара жатам жанында,
Автобустан түшчү жерге жакындап.

Автобустан түшкөн сайын сени эстеп,
Айдай жүзүң көз алдыма элестеп.
Капилеттен сүйүп калган кара көз,
Арнайм сага ушул ырды белек деп.

## СҮЙҮҮ САПТАРЫ

Сүйүү ырын кимдер гана ырдабайт,
Сүйүү деген жаш, карыны ылгабайт.
Арнап жазган ыр саптарын сулууга,
Акын деген ак сүйүүсүн булгабайт.

Сүйбөгөнгө махабаттын баркы жок,
«Сүйбө» деген элибиздин салты жок.

Сүйүп калса күнөөлөбө пендени,
Сүйүү деген – таза нерсе, айбы жок.

Сүйүү деген тунук ойдон башталат,
Чын махабат ой сезимди башкарат.
Калып калсаң кара көзгө жете албай,
Каректерден аянычтуу жаш тамат.

Сүйүү ырын кимдер ырдап бүтө алат?
Арзуу чиркин барган сайын күч алат.
Өзөн суудай ташкындаган сезимден,
Өчпөйт экен өмүр бою махабат.

Ойлоп, ойлоп ой чегелеп канчалык,
Ойку-кайкы күлүк ойго калчанып.
Маани жайын айткым келет ыр менен,
Махабатты бүт дүйнөгө жар салып.

## МАХАБАТ ЖАНА АДАМ

Жүрөк сүйөт тандап туруп бирөөнү,
Сүйгөнү үчүн койбош керек күнөөнү.
Бирди сүйүп жетсең анын баркына,
Болот өмүр – бак-таалайлуу, жүйөлүү.

Карап көрсөк бул жашоодо арман көп,
Кара көздү сүйүп жетпей калган көп.
Чырмалышкан махабаттын жолунда,
Чындыгынан адаштырган жалган көп.

Адашкан соң арман ырын төккөн көп,
Алоолонгон жалын болбой өчкөн көп.

Татаал жолун махабаттын баса албай,
Тагдырларын күнөөлөшүп сөккөн көп.

Аран жетип бирок кайра чанган бар,
Ак сүйүүсүн алмаштырып танган бар.
Күн тийгенге күкүк болуп сайраган,
Күнөөсү көп суюк аяк, айбан бар.

Калбыр кылып көрүнгөнгө кан, жанын,
Кайгылантып каалап, сүйүп алганын.
Кара мүртөз, мээрими таш адам көп,
Карабастан таштап кеткен балдарын.

Ар нерсенин келет бир күн учуру,
Алпештебей ак уул, кызыл кызыңы,
Бак-таалайын сүйгөнүндүн өрттөсөн,
Махабаттын урат сени кусуру!

## МАХАБАТ

Ар бир инсан махабаттын күбөсү,
Ак сүйүүнүн болбойт экен күнөөсү.
Арманы жок сүйгөнүнө ким жетсе,
Аткарылып ойлогон ой, мүдөөсү.

Кристаллдай кирсиз болот махабат,
Махабаттан жүрөк чиркин жашарат.
Төп келтирип махабатты ким жазат?
Төксө дагы Жеңижоктой чакалап.

Махабаттан кең келечек күтүлөт,
Маани, жайын ар ким түрдүү түшүнөт.

Ак сүйүүнү күтө албасаң бапестеп,
Акыр бир күн жиби «чарт» деп үзүлөт.

Жүрөктөрүн бири-бирине арнаган,
Жубайлар бар кош жылдыздай жайнаган.
Махабаттын жиби кокус үзүлсө,
Улаш кыйын дал өзүндөй кайрадан.

Чырдуу ишке ак жеринен кабылсак,
Чындык сүйүү кызганчаак да,
таарынчаак.
Таш боор эмес, кечиримдүү а бирок,
Оттой болуп күйүп турат жалындап!

Махабаттын ыры канча сап болот?
Чын сүйүшүп баш кошконго бак конот.
Сүйгөнүнө жетпей калса чоң арман,
Жүрөктөрдө өчпөй турган так болот.

Махабатка бардык адам баш уруп,
Ошон үчүн махабаттын аты улук.
Ак сүйүүнүн тунуктугун сезбеген,
Адам эмес, ал – бир байкуш макулук!

## КЫЗ ДЕГЕН

Кыз деген суктандырган көргөн жанды,
Кыз деген элестеткен аткан таңды.
Кыз деген элжиретип жүрөгүмдү,
Жамалы жандүйнөмдү ээлеп алды.

Кыз деген махабатка шоола чачкан,
Кыз деген сүйүү отун жалындаткан.
Кыз деген жигиттерге ашык болуп,
А бирок ачык айтпай сырын каткан.

Кыз деген дили таза, аты улук,
Кыз деген назик мүнөз, сөзү сылык.
Кыз деген тоодон аккан мөлтүр булак,
А балким, андан таза, андан тунук!

## КЫЗ ЖАНА АЙ

Кызыл жүздүү, ай чырай,
Кыздары сулуу калкым ай.
Бозойлор кантип тура алат,
Боз торгой болуп таншыбай.

Агызып ырдын булагын,
Айга биз теңеп чырайын.
Толгон айга окшошуп,
Толуп тургун ылайым.

Жарыя кылсам баянды,
Жарык кылган ааламды.
Жакшы тийген айдын да,
Жарымы болот караңгы.

Жалпы эл-журт билгендей,
Жакшы жок, жаман иргелбей.
Акылсыз кыздар жок эмес,
Ай караңгы тийгендей.

Жакшыга көңүл бурабыз,
Жаманын көрүп турабыз.
Ошондуктан кыздарды,
Айга биз салыштырабыз.

## ЖАКШЫ ОЙ МЕНЕН КАЛДЫМ

Бир кыз көрдүм көчөдө келе жаткан,
Бир ажайып көздөрүнөн нурун чачкан.
Кудум эле жомоктогу периштедей,
Курдашы бар жанында бирге баскан.

Көргөндөрдүн жүрөктөрүн зырп эттирип,
Көздөрүнөн нурун чачып жылт эттирип.
Күлө сүйлөп курдашына аяр басып,
Күлкү чачып музыкадай шыңк эттирип.

Ою дагы жарашыптыр келбетине,
Окшоштурдум асыл таштын берметине.
Жарашыктуу бардык жагы бул сулууну,
Жаратканым берген экен жер бетине.

Келечеги дангыраган жол бекен деп?
Келе жаттым ойлоруma ой бекемдеп.
Ушул сулуу келечекте турмуш курса,
Өмүрлөшү кандай болот болду экен деп?

Мүмкүн жетер кадырына өмүр бою,
Мүнөздөрү төп келишип өмүр жолу.
Калат чыгар махабатка тутка болуп,
Кармашышкан өмүрдөгү эки колу.

Эгер кокус ойдогудай болбой калса,
Алган жары көңүлүнө толбой калса.
Эмне болот гүлдөй соолуп кайран сулуу,
Арман менен келечекте онбой калса?

Чарк айланып көп нерсени ойлоп келем,
Чоочун кыздын келечегин болжоп келем.
Жаратканым бакыт-таалай берсе экен деп,
Жаш сулууга калып калдым жакшы
ой менен...

## СЕЗИМДЕГИ ЭЛЕСТЕР

Сүйүү отуна алоолоп күйүп жанып,
Сүттөй тийген ай болуп бийик жанып.
Жүзүбүздөн жарык чачып түгөнбөгөн,
Жүрөктөрдө балбылдап карек жанып.

Махабаттын күчү ташып дениз болуп,
Бардык нерсе биз үчүн тегиз болуп.
Кол кармашып гүл өмүрдө жашайбыз деп,
Кош жылдыздай асмандагы эгиз болуп.

Көрүшпөстөн калсак аз күн кумарланып,
Көңүл толкуп сагынычтуу кыялданып.
Сени эңсеп сезимдерге ой толгонуп,
Себеленип саптар чыкчу ыр арналып.

Каректерге каректер чагылышып,
Канча мезгил көрбөгөнсүп сагынышып.
Сүрөттөрдү карап алып чогуу түшкөн,
Сүйүү отуна жылынчубуз табы ысык.

Ак сүйүүнү арнашып түбөлүккө,
Ак никеге турганбыз күбөлүккө.
Ошол бойдон бузулбай ортобузда,
Орноп бизге чеп болду ошол нике.

Ууз сүйүү өңү өчпөй жашылданып,
Уул көрүп, кыз да көрүп жаш улгайып.
Суудай агып бир топ мезгил өтүп кетти,
Сүйүү чачып ар бир жылы жаз жылмайып.

Балдар үчүн сүйүүбүз ого бетер,
Баштагыдан беш эсе толкуп кетер.
Чын махабат түбөлүккө өчпөйт деген,
Чыныгы сөз айтылбаптыр элде бекер.

Уул-кызга өбөк, жөлөк, калка болуп,
Узун жолдо тоодой бел, арка болуп.
Чын махабат демөөр болсун аз өмүрдө,
Жайдыр-кыштыр куурабаган арча болуп.

## БАКЫТ

Бакыт экен сүйгөнүнө жеткенин,
Махабаттын кирсиздигин сезгенин.
Антсе дагы жаштык күндөр алыстап,
Айткым келет жүрөктөрдү эзгенин.

Жүргөн кезде сүйүү күчү бал болуп,
Жүрөктөргө түшкөн өчпөс кал болуп.
Ажырашсак бир аз эле мезгилге,
Ашып, шашып жолугууга зар болуп.

Зымырык куш учкан сымал күүлөндүк,
Зырылдатат жүрөгүндү сүйгөндүк.
Махабатты чын жүрөктөн арнашып,
Баш коштук биз, бакыт тилеп үйлөндүк.

Жылгындай кез жылып кетти карачы,
Жылдар өттү, эстеп жаным саначы.
Биз үйлөнгөн ошол мезгил алтыным,
Жыйырма менен жыйырма бештин арасы.

Бакыт-таалай башыбызга конгондо,
Махабаттын көлү ташып толгондо.
Айран калам сүйүнгөндөн канткенбиз,
Алгач ирет биз балалуу болгондо.

Ак сүйүүдөн бизден балдар жаралып,
Азыр мына кырк, кырк бешти таянып
калсак дагы, жыйырмадагы кезиндей,
Турасың сен жүрөгүмө кадалып.

Жаштык кезим көз алдыма тартылат,
Бирок мезгил аргымагын камчылап.
Ортобузда биздин кирсиз махабат,
Балдар үчүн беш-алты эсе артылат.

Бактылуумун сени менен алганым,
Бажырайган кызыл гүлдөй жалжалым.
Уласа экен жолубузду деп тилейм,
Келечекте өсүп, өнүп балдарым.

# Сезимдерим ырларыма кубанат



## ЫРЛАРЫМ

Ырларым менин ырларым,
Ыймандай болгон сырларым.
Ырларым менен бир жашайт,
Ырыстуу жаштык жылдарым.

Топтолгон ойдун түрлөрү,
Толкуган ойдун гүлдөрү.
Жалындап чыгат жүрөктөн,
Жазылган ар бир сүйлөмү.

Сезилип ойдун улугу,
Сезимдин мөлтүр тунугу.
Куюлуп чыкса ырларым,
Кудайдын мага буйругу.

Ыймандай сырым баары чын,
Ырларым менин кубанчым.
Жакшы ырлар чыксын жүрөктөн,
Жараткандан сураныч.

Көңүлдүн тоодой толкуну,
Көөнөрбөс ырдай болчубу.
Ышкылуу адам ыр жазат,
Ыр жазуу – көккө кол сунуу.

Ырларым өчпөс баяным,
Ырыстуу элде каларым.
Урпактар окуйт эскерип,
Узаса элден карааным.

Ырларым менин ырларым,
Ырларым обон ыргагым.
Чер жазам толкуп ыр жазып,
Черткенсип комуз кылдарын.

## КЫЯЛДАНАМ

Кыялданбай тура албаймын бир мүнөт,
Кимдер жашайт кыялданбай ким билет?
Бийиктикке кыялымда умтулуп,
Билбей калам кеткенимди үргүлөп.

Кыялданып дайра болуп агамын,
Кыраан кушча сермеп канат кагамын.
Чертилбеген күүсүн чертип комуздун,
Чексиздерге улам сүңгүп барамын.

Кыялымда уча берем көкөлөп,
Кызык-кызык окуялар жетелеп.
Түпсүз экен кыял деген керемет,
Түпсүз ойдун түбүнө эч ким жете элек.

Бул ааламдын ачыла элек көп сыры,
Түгөнбөйт го тирүүлүктүн ыр-чыры.
Азабынан бул жашоонун көз ирмем,
Алаксыткан кыял – ойдун сыйкыры.

Кыялымда өчпөс оттой жанамын,
Кызыл мончок сезимдерди тагамын.
Желдей сызган ойлорумдун түбүнө,
Жете албастан моокум канбай каламын.

## ЫР ЖАЗАМЫН

Кубанганда ыр жазамын толкундап,
Кубат алып жүрөк чиркин солкулдап.
Кайгы тартпай өмүр бою кубансаң,
Канча жашка жаратканым толтурмак?

Кайгырганда ыр жазамын муңканып,
Карегимден мончок-мончок жаш тамып.
Кайгы тарткан адам болот кошокчу,
Кайран өмүр өтө берет сарпталып.

Күйгөн кезде ыр жазамын бүлүнүп,
Күнөөсү жок актыгыма күйүнүп.
Ак ийилет, сынбайт дечи а бирок,
Акыйкаттан кээде кетем түңүлүп.

Өткөндү эстеп ыр жазамын эскерип,
Өмүрдөгү жаштыгыма кез келип.
Канча күнөө, канча сооп кылдым деп,
Кайра-кайра өзүмдү-өзүм текшерип.

Келечекти ойлоп жазам талпынып,
Кейийим өткөн өмүрүмө жанчылып.
Улап жолун акындардын нускасын,
Урпактарга кетсем деймин калтырып.

## МЕН ЫР ЖАЗАМ

Мен ыр жазбайм атак-даңкты кубалап,
Мен ыр жазбайм сыйкыр менен дубалап.
Мен ыр жазам жетегинде сезимдин,
Сезимдерим ырларыма кубанат.

Мен ыр жазбайм байлык сурап Теңирден,
Мен ыр жазбайм атак сурап элимден.
Мен ыр жазам толкунданган көл болуп,
Ыр саптарым чыгат тунук көңүлдөн.

Мен ыр жазбайм талантыма чиренип,
Мен ыр жазбайм асман, көккө тирелип.
Мен ыр жазам жаңы ачылган гүл болуп,
Сезимимде байчечекей гүл өнүп.

Мен ыр жазбайм башымды ийип бирөөгө,
Мен ыр жазбайм кошаматка, сүрөөгө.
Мен ыр жазам жүрөк эргип турганда,
Башымды ийип жүрөктөгү жүйөгө.

Мен ыр жазбайм даярданып камынып,
Мен ыр жазбайм мансаптууга жагынып.
Мен ыр жазам айга, күнгө кол сермеп,
Сезимдерин серпилишин сагынып.

## УРМАТ БАРБЫ?

Өмүр оту өчпөстүн чырагындай,
Өмүр ширин жашоонун ынагындай.
Турмуш жолу бирде өйдө, бирде төмөн,
Туталанган жаш баланын кыялындай.

Жаштык кезиң кызыл чоктун жалынындай,
Жаз мезгилдин ачык күнкү жарыгындай.
Ар пенденин көрөр күнү ар башкача,
Ажырыктын чырмалышкан тамырындай.

Атаң-энең аска-зоонун бийигиндей,
Алган жарың шам чырактын билигиндей.
Жашын өтөт токтолбостон өтө ылдам,
Жарыштагы байге бербес күлүгүндөй.

Бир тууганын шилтей турган кылычындай,
Бир берилген жашоодогу ырысындай.
Карылык да келет ар бир пендесине,
Күүгө салып Токоң айткан арман ырдай.

А мезгилди таамай баалап салмактайлы,
Ата-энени, алган жарды ардактайлы.
Жан аяшпай бир тууганды сыйлап турсаң,
Жашоондо мындан өткөн урмат барбы?

## БАЛА ЖОРУКТАРЫ

Кечээ эле бала элем чыбык минген,
Күлүк ат деп көк чыбыкты кыйып минген.
Балдарымдын атасымын азыр болсо,
Балалыктын ой кыялын ыйык билген.

Бала деген адамзаттын кан, жаны экен,
Баласыздын көргөн күнү арман экен.
Уккан жанды кейиткен ушул дастан,
Балам жок деп Жеңижоктон калган экен.

Байкап көрүп жашоо сырын толук баарын,
Балам менен мен өзүмдү толуктадым.
Кантсе дагы пендемин да жашоодогу,
Кабыл алам ар түрдүүчө жоруктарын.

Кээ жоругун кабыл алам кабак түйүп,
Кээ жоругун кабыл алам жыргап күлүп.
«Балам жогун» Жеңижоктун эстей калып,
Балкып турам балдарыма көңүл сүйүп.

«Ким үйрөткөн козуларга басканды», – деп,
«Ким жасаган жерди жана асманды», – деп.
«Айтчы ата, асманга сен бардың беле?
Ал жакта да биз ойноочу таш барбы?», – деп?

Быша электе өрүгүңдү кагып жешип,
Кам каймакка нан сындырып малып жешип.
Каткан жерден уурдашып кант, набатты,
Ширин муз деп талашып алып жешип.

Бала ошентип баарыбызды багындырат,
Бакытым деп бир өзүнө жалындырат.
Ишке барып келгенинче көрбөй калсаң,
Имерилтип жандүйнөңдү сагындырат.

Арылбастыр баласыздын армандары,
Аргасыздан көз жаштары тамгандары.
Башкаларды айтпай эле коёлучу,
Баласы үчүн жанын кыят айбан дагы.

## БАЛДАРЫМА ТИЛЕГИМ

Бактылуу жашайм деген тилек менен,
Бар күчүмдү сарп кылып үрөп келем.
Демөөр болгон бактылуу болушума,
Ден соолугун балдарымдын тилеп келем.

Ой-максатын өрчүтүп, сабаты артып,
Окууларын ийгиликтүү аякташып.
Бир кесипке ээ болсо экен деп тилеймин,
Билим кенин аз да болсо бaрактaшып.

Билинбестен мезгил чиркин барат жылып,
Билимин зор эмгек менен жараштырып.
Жаратканым жакшылыкты бере көр дейм,
Жамандыкты балдарымдан адаштырып.

Эгем Таала буюрган күнүн көрүп,
Элге арнаган эмгегинин гүлүн терип.
Бактылуу болушса экен деп тилеймин,
Бардыгы тең жолдош күтүп өмүр шерик.

Тилегимди Кудай берсе семиремби?
Тике карап айга, күнгө теминемби?
Жеткире көр жаратканым тилегиме,
Жетелейин жүзүнөн өөп неберемди.

Балдарыма өмүр тилейм балдай таттуу,
Болушса экен эл-журтуна кадыр-барктуу.
Болбосо да Чыңгыздын деңгээлинде,
Болушса экен өз алдынча атак-даңктуу.

# ӨЧПӨС ИЗИҢ – БАЛДАРЫҢ

Бийликке да, байлыкка да жутунабыз,
Бир келүүчү аз өмүрдө кутурабыз.
Не бир шумдук кылмыш жасап бул
жалганда,
Ниетибиз – бийлик үчүн бузулабыз.

Байлык үчүн жанталашып жаткандар бар,
Бийлик үчүн баласын да саткандар бар.
Ырыскысын бирөөлөрдүн жалмап алып,
Ыйман, адеп алкагынан качкандар бар.

Бийлик деген куш сынары колдон учат,
Бир жаңылсаң өзүң түшчү болот тузак.
Түбөлүккө бийлик сенин энчиң эмес,
Түтүн болуп кетет сенден бир күн узап.

Байлык деген муз сынары эрип кетет,
Эрип кетсе айыкпас дарт берип кетет.
Эмгегиң жеп эл, журттун жанталашсаң,
Эрте-кечтир жараткандан буйрук жетет.

Уул-кызың өчпөс изиң артыңдагы,
Урмат кылып сен өстүргөн калкыңдагы.
Балдарыңды алмаштырбайт эч убакта,
Байлык, бийлик, дүнүйө алтындары.

## КААЛОО

*(Уулум Жылдызбек жана келиним Жылдызканга арнайм)*

Ата-энеге алмашылгыс уул-кызсын,
Ак сүйүүнүн пайдубалын тургузгун.
Бажырайган жаз гүлүндөй кулпунуп,
Балын таткын келечекте турмуштун.
Атыңарга затыңар да жарашсын,
Ал анткени экөөң тең Жылдызсын.

Асмандагы кош жылдыздай жаркырап,
Ак сүйүүнүн балы турсун тамчылап.
Түпсүз жолдо кол кармашып үзүлбөй,
Түбөлүккө күйгөн сымал шам чырак.
Күндүзгүсүн күн болсоңор түнкүсүн,
Күлүп тургун толуп турган ай сымак!

Алга карай катар арыш таштай бер,
Аккан сымал Нарын дайра шаркырап,
Ак эмгекти арнагыла эл-журтка,
Аргымакты алкындырып камчылап.
Жакшылыкта ойноп, күлүп жүргүлө,
Жамандыкты барча-барча кайчылап.

Алдейлеген уул-кыздар төрөлүп,
Алпештенип ак бешикке бөлөнүп.
Көпчүлүктүн кабыл болуп батасы,
Көшөгөңөр эл айткандай көгөрүп.
Урмат менен узак өмүр сүргүлө,
Уул-кыздарды учкаштырып, өңөрүп.

## АК КАЛПАК ЭЛДИН УУЛУ БАР

*(Неберем Жоомартка)*

Балалуу болуп сүйүнгөм,
Бакытка чумкуп кирингем.
Баламдын көрүп баласын,
Балкыймын эрип бүгүн мен.

Ата деп айтса балдарым,
Арман жок дечүм, арманым.
Не деген болду керемет,
Неберем улап калганын.

Жалынам сага Теңирим,
Жаркылдап турат келиним.
Уул-кызым эсен болгула,
Ууз сүйүү болуп шеригиң.

Өйдө-ылдый жашоо оң-солу,
Өмүргө келдим бир жолу.
Небере берген Теңирге,
Ыраазы болом миң жолу.

Жашоодо келем агылып,
Жакшылыктарды сагынып.
Чоң ата десе неберем,
Сүйүнүчтөн жүрөк жарылып.

Кубанычтуу күндөр башталган,
Кут түштү мага асмандан.
Балмуздак жесе неберем,
Байкатпай берген акчамдан.

Ийгилик чыкпай оюмдан,
Ишке ашып максат коюлган.
Толкуйт го жүрөк денииздей,
Томпондоп тоссо жолумдан.

Аккан суу сымал тазарып,
Аз, көппү жакшы жашадык.
Алладан тилеп чоң үмүт,
Атыңды Жоомарт атадык.

Асканын бийик кыры бол,
Ааламдын чексиз сыры бол.
Атактуу Жоомарт акындай,
Ак калпак элдин уулу бол.

## АСЫЛ ЭМГЕК

Жамгыр жааса жапжашыл жер көгөрөт,
Жалкоолонбой эмгектенген эр көгөрөт.
Акыбети кайтпаса эмгегиңдин,
Айткылачы, бак-таалайга ким бөлөнөт?

Ак эмгегиң албетте май чайнатат,
Алтын, күмүш, дүнүйө, мал карматат.
Актасаң эл ишенчин эмгек менен,
Атак-данкка бөлөнтүп нур жайнатат.

Адамды көкөлөткөн асыл эмгек,
Ак эмгектен баар тапсаң чеке тердеп.
Ак калпак элдин уулу аталасың,
Алга карай ишиң жүрүп канат сермеп.

## СӨЗ БАШТОО КЫЙЫН БОЛОТ

Көзгө атаар мергендериң шыктуу болсо,
Көй баатырлар найзага ыктуу болсо.
Кол баштоо кыйын эмес жоону беттеп,
Коркок эмес, баатырларың мыкты болсо.

Жарданып сени угар элиң болсо,
Жар кулатып сууну кечер демиң болсо.
Жол баштоо кыйын эмес колду ээрчитип,
Жалпы журт майтарылгыс белиң болсо.

Колду ээрчитип жол баштаган эр жигиттин,
Даңкы чыгып башына бакыт конот.
Кол токтоп, суроо салып карап турса,
Топ жарып сөздү баштоо кыйын болот.

Таап айтсаң жалпы эл жактырышат,
Жаш-кары бири калбай кылат ызат.
Эрдигиң, чечендигиң, таамайлыгың,
Эл ичинде дастан болот узак-узак.

Сөз таба албай тайсалдасаң жактырышпайт,
Сөзүңдү кулак салып эч ким укпайт.
Тантыраган маңыз дешип шылдың кылып,
Эч качан эл ичинде атың чыкпайт.

## ТОКЧУЛУКТУН ШААРЫ

Отуз кылым өтсө дагы арадан,
Ош шаарым чыкпай көңүл санаадан.
Ош дегенде элестетип бейишти,
Ой толгоосун айтып келет ар адам.

Ош жөнүндө ыр дастандар чубалган,
Ошолорду уккан адам кубанган.
Ырыс чачып кыргыз журтка тургансыйт,
Ыйык тоом, Ошумдагы – Сулайман.

Акбууранын суусу агып кылымдап,
Акбуурам деп нечен ырчы ыр ырдап.
Жүрөгүнөн тилек тилеп Кудайдан,
Жүзүн чаят келген адам ырымдап.

Акбуура суу, Сулайман тоо – керемет,
Ак калпактуу элге бакыт себелеп.
Океандын толкунундай толкуймун,
Ош жөнүндө ыр саптарын чегелеп.

Так айтылган санжырада кабардан,
Таныш кыйын таамай тарых баяндан.
Оокат-аш мол токчулуктун шаары,
Ош деген сөз «аш» дегенден жаралган.

## ЭМИ КАЙТАЛАНБАЙТ

Көп нерсе кереметтүү сыры менен,
Үч кыл комуз кереметтүү кылы менен.
Аргендей обон созгон бир ажайып,
Рысбай кереметтүү ыры менен.

Таппаган кайрыктарды табар эле,
Таамай обон кереметин салар эле.
Жүз жолу уксан дагы мокум канбай,
Жүрөккө сүйүү балы тамар эле.

Уккан жанды ушунчалык суктандырып,
Улам алга бийиктикке шыктандырып.
Бир башкача толкундатып жүрөктөрдү,
Бири-биринен кыздарды кызгандырып.

Толкуган дайра болуп агар эле,
Махабаттын өчпөс отун жагар эле.
Эх чиркин, Рысбайдын обону деп,
Элибиз ашык болуп калар эле.

Эч качан чыкпас көңүл санаабыздан,
Эрте кетти залкар талант арабыздан.
Элүүгө чыгып чыкпай алып кетти,
Эх чиркин, ажал шумдук, ажал душман!

Талант бирок эч качан талкаланбайт,
Таазим кылып эч нерсеге калкаланбайт.
Ырысына эл-журттун келип кеткен,
Рысбай эми кайра кайталанбайт.

## ТАЛАНТ ДЕГЕН

Талант деген Ысыккөлдөй көлдөгөн,
Талант болбойт өспөгөн да өнбөгөн.
Бардык нерсе бул дүйнөдөн жок болот,
Талант болот узак жашап өлбөгөн.

Талант деген куурабаган арчадай,
Аккан суудай күнү-түнү чарчабай.
Күндөп-түндөп угуп көрсөң өнөрүн,
Кумар калат таланттардан таркабай.

Талант деген дайра сымал токтолбой,
Толкуп агат түбөлүккө жок болбой.
Көңүл бөлсөң кереметтүү талантка,
Кантип турат жандүнүйөн козголбой.

## БИЛИМ

Билим деген бүт дүйнөгө элчи экен,
Бүт ааламга зор пайдасын берчү экен.
Билим деген акыл-ойду өрчүтүп,
Бул жашоодо түгөнбөгөн кенч экен.

Билим деген тунук тамган тамчы экен,
Билимдүүгө өчпөс билик жанчу экен.
Билим кенин казып келе жатабыз,
Билбейм дагы калган кени канча экен?

Бул өмүргө бир жолу келип кетесиң,
Болушунча жашоо сырын чечесиң.
Билим кенин тынбай казып келебиз,
Бирок анын ойо элекпиз чекесин.

Билимдүүгө агарып таң аткандай,
Билим алгын эч нерседен жазганбай.
Билим алуу оңой-олтоң иш эмес,
Ийне менен терең кудук казгандай.

Билектүүлөр бирди гана утчу экен,
Билимдүүдөн тунук акыл чыкчу экен.
Биздин элдин эң даанышман макалы,
Билимдүүлөр миңди, санды жыкчу экен.

## ВРАЧ КЫЗДАР

Адамзаттын өмүрүнө өмүр кошкон,
Ажал келсе алдын тороп, жолун тоскон.
Жоогазындай жоодурашкан врач кыздар,
Жаз айында жаңы ачылган гүлгө
окшошкон.

Эмгектерин айта берсе бүтпөс дастан,
Эмгектенип окуп билим кенин казган.
Ден соолукка демөөр болгон врач кыздар,
Илдеттерден инсандарды дарылашкан.

Гиппократтын антын алган сөздөрү так,
Өзү сулуу, дили таза, кийими ак.
Сулуулугу гүлгө окшогон врач кыздар,
Байчечекей, же роза гүл, же кызгалдак!

Өтсө дагы сансыз саат, күндөр чубап,
Элестери көз алдымдан кетпей турат.
Ак бадырак, ак ниеттүү врач кыздар,
Өмүрлөргө келе жатат өмүр улап!

## ОКУУЧУЛУК КҮНДӨР

Аралаша классташтар биригип,
Ак бадырак көйнөктөрдү кийинип.
Алтын уя мектебимдин билимин,
Алдым он жыл мөл булактай шимирип.

Агай эже фамилиясын каттатып,
Алгач мектеп босогосун аттатып.

Аралаштык мотурайган бөбөктөр,
Алфавитти баштан аяк жаттатып.

Суу жээктеп нечен ирет бойлошуп,
Суу чачышып кубалашмай ойношуп.
Бакыт чачкан балалыктын күндөрүн,
Койсо чиркин түбөлүккө орнотуп!

Мезгил тынбай жол жоргосун чуратып,
Учкул куштай канат сермеп убакыт.
Өзөн суудай балалыктын ташкыны,
Өткөн экен билинбестен чубалып.

Мектеп, класс, китеп, дептер, калемсап,
Ойдон чыкпас окуучулук ошол чак.
Сабак окуп тапшырманы аткарган,
Окуучунун ою таза, дили ак.

Албетте кээде болуп жанылыш,
Аткарбастан тапшырманы баарыбыз.
Эки алып эже-агайдан тил угуп,
Эне-атага талкуу болчу анныбыз.

Тарбиялап агай-эже, ата-эне,
Толкуп ташып токтолбогон кез эле.
Окуучулук он жыл мезгил, ошол кез,
Он күн сымал өткөн экен тез эле.

Сегиз жашка толо элек кезимден,
Он жыл бою билим алдым өзүндөн.
Алтын бешик – билим кени мектебим,
Ар убакта сен өчпөйсүң сезимден!

Алтын уя мектебимди калтырып,
Алга карай канат сермеп талпынып.
Көзгө элестейт окуучулук ал күндөр,
Түгөнбөгөн дастан болуп айтылып.

## ЭЖЕ-АГАЙЛАР ЭМГЕГИ

Көңүлдөрдү бир ажайып гүлдөткөн,
Мокок тилди чечен кылып сүйлөткөн.
Эже-агайлар эмгегинер тендешсиз,
«А» дан баштап «Я» га чейин үйрөткөн.

Ак калпактуу Алатоолуу эл-жерин,
Ар бир түркүн казган билим кендерин.
Ага-эже адамзаттын энеси,
Алатоодой бийик сенин эмгегин!

Элестеткен мөмөлөгөн даракты,
Элге берген илим-билим сабакты.
Эже-агайлар сенден алгач үйрөнүп,
Эбегейсиз эмгектерди жаратты.

Илимпоздор сенден окуп кетишти,
Космонавттар айга чейин жетишти.
Негизинде сенден алган билимдин,
Чечилбеген сыр түйүнүн чечишти.

## ЧЫҢГЫЗДЫ ДА ОКУТКАН

Кабак бүркөп кайратынан жанбаган,
Эмгектенип эч убакта талбаган.
Эже-агайлар тарбиялап жаштарды,
Эмгектерин келечекке арнаган.

Билимдерден билим кенин тандаган,
Келечектин инсандарын камдаган.
Эң биринчи сабак берип башташкан,
Сөз куратып отуз алты тамгадан.

Билим менен тарбиянын башаты,
Мугалимде чексиздиги билинди.
Окумуштуу илимпоздор, генийлер,
Эң биринчи сенден алган билимди.

Чын жүрөктөн ой жүгүртүп олтурсан,
Чыгармасын бүткүл дүйнө окушкан.
Тендеши жок мухит талант Чыңгызды,
Жөпжөнөкөй мугалимдер окуткан.

## АЛЫКУЛДУН ЫРЛАРЫ

Чын жүрөктөн ырларына көңүл бурбай,
Чыгармасын ким тура алат сезбей, туйбай.
Акындардын ичинен көрө албадым,
Анык акын, анык талант Алыкулдай.

Өтсө дагы бул өмүрдө кыска жашап,
Чыгармасын элге арнап, элге атап.
Өзү өлсө да, сөзү өлбөй эл ичинде,
Алыкулдун ырлары жашап жатат.

## АЛЫКУЛ ЖАНА МЕН

Атажуртту артык көргөн жанынан,
Алыкулду бүткүл кыргыз тааныган.
Окубасам Алыкулдун ырларын,
Ой бөлүнүп ошол ырды сагынам.

Акындардын улуу көчүн улаган,
Атажурт деп ыр саптарын кураган.
Жан кыйналып алдан тайып турганда,
Жарым кашык музыка деп сураган.

Ой санаага ырлар түшөт бүтпөгөн,
Ой толгонуп толкундатат бүт денем.
Касиеттүү, түбү терең, бир сырдуу,
Ысыккөлдөн артык жолдош күтпөгөн.

Алыкулдун ырын окуп, сөзүн ук,
Ар убакта унутпастан эске тут.
Сезим толкуйт Алыкулдун ырына:
«Сен ооруба, мен ооруйун Атажурт!»

## АЛТЫН КҮЗ

Ак эмгек толкуп кайнаган,
Алтын күз келди кайрадан.
Ак алтын тоодой үйүлүп,
Ак буудай бышып жайнаган.

Кайнаган эмгек демилге,
Кампалар толуп эгинге.
Токчулук келди күз менен,
Толкуган кыргыз элимде.

Алтын күз жайды кулачын,
Ак эмгек эрди сынасын.
Акыбет көрүп эмгектен,
Ак калпак элим кубансын.

Алтын күз келди жаркырап,
Ак жамгыр көктөн тамчылап.
Ак эмгек өтөп эл журтум,
Аянбайт күчүн камчылап.

## АЛТЫН КҮЗДҮН БЕРЕКЕСИ

Данга толуп мелмилдеген талаа-түзүн.
Бак-шагында мөлтүрөп алма, жүзүм.
Кампаларга шыкалып алтын даны,
Кучак жайды элиме алтын күзүм.

Токчулуктун мезгили калкымдагы,
Алтын күздө аба таза, салкын дагы.
Айта алгыс сөз менен теңештирип,
Алтындан да кымбат го алтын даны.

Тогуздун айы келип тогуздалып,
Топтолушуп тоюн берет байге сайып.
Кыз берип, келин алуу салты күчөйт,
Конокторго дасторконун кенен жайып.

Жетинин айы келип жети өлчөп,
Бир кесип, ийри олтуруп, түз кеңешип.
Кеңешип кескен бармак оорубайт го,
Кыш камы, отун, суусун эсептешип.

Бештин айы – берекелүү күздүн соңу,
Ысык эмес, бир топ суук күндүн табы.
Адамдар эс алышып аздыр-көптүр,
Аяктап алдыдагы кыштын камы.

Эске түшөт калың карлуу кыштын кези,
Элиң үчүн ал деле керек дечи.
Кычыраган кыш каарынан сактап келет,
Алтын дандуу алтын күздүн берекеси.

## ЖАЗ МЕЗГИЛИ САЛТАНАТ

Жаз деген сөз үч тамгадан куралган,
Жаз келди деп жалпы элим кубанган.
Жан-жаныбар чээнден чыгып жазында,
Жашоо турмуш тиричилик уланган.

Суук жактан учуп келип келгиндер,
Суулар ташып, эрип агып мөңгүлөр.
Эмгек кайнап талааларда күнү-түн,
Жайкалышып өсүп чыгат эгиндер.

Асман ачык күндөн жылуу нур чачып,
Алма, өрүк түркүн мөмө гүл ачып.
Нөшөр төгүп күн артынан жылмаят,
Ак булуттар бир ажайып чубашып.

Канаттуулар баш аламан чуркурап,
Түркүн гүлдүн жыты анкып буркурап.
Белек кылып селкилерге ийилип,
Бозойлору кучак-кучак гүл сунат.

Жигит келсе гүл көтөрүп жол тосуп,
Бийкеч кыздар башын ийет кол созуп.
Ана ошентип жазда сүйүү башталат,
Гүлдүн жыты сезимдерди ойготуп.

Жанга жагым көз чаптырсаң чар тарап,
Жашыл шибер көрпө сымал жайкалат.
Жаз мезгилде кереметтин чеги жок,
Жаз мезгили – айтып бүтпөс салтанат.

## НООРУЗ МАЙРАМ

Нооруз майрам – ырыс майрам элиме,
Кең Алатоо кереметтүү жериме.
Жаз жадырап байчечекей гүл ачып,
Демөөр болуп дем кошулган демине.

Күлгүн жазда гүлдөр жайнап жыт аңкып,
Гүл жытына көңүл толкуп ой балкып.
Гүл жыттанган Нооруз майрам жылмайса,
Күлкү чыгып шаттык басат бой балкып.

Жыпар жыттуу түркүн гүлдөр жайнаган,
Жан эргитип келгин куштар сайраган.
Нооруз майрам адамзатка эң ыйык,
Жакшылыкты бири-бирине арнаган.

Казандарда кайнап бышып сүмөлөк,
Кандай пенде андан ооз тийе элек?
Ноорузумдун ушул ыйык даамынын,
Касиетин кайсыл пенде биле элек?

Бул өмүргө бир жолу эле жаралсак,
Нооруз күнү эстен чыгып жаман жак.
Бири-бириңе акарат сөз айтпастан,
Сүмөлөктөй ширин болгун адамзат!

Умай эне ар балаадан аластап,
Ушул салтты элге журтка таратсак.
Улуулардан калган экен ушул салт,
Урушкандар ушул күнү жарашмак.

Урпактарга мурас калган бул майрам,
Бири-бирине күлө карап жылмайган.
Жамандыкты Нооруз майрам тазалап,
Жакшылыкка «оомийин» деп кол жайган.

## КАБАР АЛ

Ай алкактап, аяк толуп саанга,
Жер энебиз жибип нөшөр жаанга.
Бакыт-таалай, ырыс кетпейт калкымда,
Бажырайып Нооруз келген маалда.

Мөңгү эрип суу ташкындап дайрада,
Көк чымырап көркү сонун айлана.
Күлүмсүрөп ак булутту аралап,
Күн калкылдайт, көк мейкинде жай гана.

Төрт түлүктүү малды эсен төлдөтүп,
Саан саап айран, сүттү көлдөтүп.
Жаз мезгили жашыл ыраң керемет,
Жайыт көздөй мал айдашып өрдөтүп.

Жаз жарышка ак эмгегин арнашып,
Жаздык эгин, үрөн сээп айдашып.
Даам сызып кетиниз деп майрамда,
Дасторконго түркүн тамак жайнатып.

Аласташып арчаларын түтөтүп,
Уктапшастан узун түндү күзөтүп.
Ширин даам сүмөлөктү кайнатып,
Коломтого от жагышып күчөтүп.

Мунун баары – Нооруз майрам белгиси,
Кучак жайып жаңы күндүн келиши.
Казандарда кайнап толо сүмөлөк,
Калкыбызга ырыскынын бериши.

Күн-түн экөө теңелишип барабар,
Жакшылыкка бурулуп ой санаалар.
Жакшылыктын, жаз мезгилдин майрамы,
Жалпы журтум, Ноорузумдан кабар ал!

## ЖАЛПЫГА БЕР ТОКЧУЛУК

Элестери көз алдыга тартылып,
Эмгектери эл ичинде айтылып.
Эски жылым карып барат сапары,
Эл-журт үчүн жакшылыгын калтырып.

Сезимдерге түрдүү ойлор чырмалып,
Эл ичинде эмгектери ырдалып.
Эх чиркин деп эски жылды узатсак,
Эшик какты Жаңы жылым жылмайып.

Кел Жаңы жыл! Кучак жайып келе бер,
Элге бакыт, жерге тынчтык бере бер.
Жаңы жылда жаңы бакыт кошулуп,
Жалпы журтум ырыскыңды тере бер!

Жамандыкты жалпыбыздан жок кылып,
Жакшылыкка жакшылыкты коштуруп.
Тынчтык орноп Алатоолуу жергеме,
Жаңы жылым жалпыга бер токчулук!

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК ТИЛЕГИМ

Жаңы жылым кенен жайып кулачын,
Жакшылыктан жышаан берип турасың.
Эсен болгун, эски жылым – кош болгун,
Элден, журттан аябаган кубатың.

Жүрөктөрдү кубанычка толтуруп,
Жүздөп, миндеп элге чачып молчулук.
Бизге келген Жаңы жылды замандаш,
Бир тосолу кучак жайып кол сунуп.

Оргуп агып өмүр суунун мүрөгү,
Өчпөсө экен бажырайган гүл өңү.
Ченебестен бөлөп бакыт-таалайга,
Чертиле бер элимдин ыр күүлөрү.

Жалпы журтум бак-таалайга бөлөнүп.
Жаш наристе, ымыркайлар төрөлүп.
Жашыл бойдон бак-дарактар куурабай,
Жайдыр-кыштыр турса деймин көгөрүп.

Кең ачылып бак-таалайдын эшиги,
Кенен болуп элдин ырыс-кешиги.
Денизинен сүзүп өтүп сүйүүнүн,
Термеле бер махабаттын бешиги.

Илимпоздор илим кенин казса экен,
Изденишип акындар ыр жазса экен.
Элде болуп, жерде болуп тынчтылык,
Элим, журтум токчулукта жатса экен.

Сезгич менин ырга жакын жүрөгүм,
Сезимдердин жетегинде жүрөмүн.
Укмушту мындан артык тилебейм,
Ушул менин Жаңы жылдык тилегим.

## БИЙЛИК, БАЙЛЫК – ӨНӨР

Бетеге кетет бел калат,
Бектер кетет эл калат.
Хан бол, бек бол баары бир,
Карапайым эл багат.

Кызматың колдун кириндей,
Кылчайбай кетет билинбей.
Эмгек кыл элге тартынба,
Бийлигиң барга сүйүнбөй.

Алкымды кайдан тыябыз,
Ашыкча дүйнө жыябыз.
Ажал жетип өлмөк бар,
Анчаны эмне кылабыз?

Буйрукка кимдер көнбөгөн,
Бул жалган кимди бөлбөгөн.
Өлүмгө баары баш иет,
Өнөрүн калат өлбөгөн.

Токтогул, Жоомарт, Саякбай,
Тарыхта калды барактай.
Өзү өлсө дагы сөзү өлбөй,
Өлкөмдө күйөт чырактай.

## САРМЕРДЕН

Сармерден – салттын башчысы,
Сармерден – салттын жакшысы.
Сандаган талант чогулган,
Сармерден талант ачкычы.

Элестеп көзгө турмушуң,
Боз үйүн тигип кыргызым.
Кымызын куйса жеңелер,
Салтанат куруп сармерден,
Ырдап жатат уул-кызың.

Сармерден кыргыз оюну,
Сармерден салттын сонуну.
Сайраса комуз, кыл кыяк,
Серпилтет сезим оюңду.

Ак өргөө толо коногуң,
Айтылып дастан жомогуң.
Күүлөнүп алты бакаңга,

Бозойлор чоорун боздотуп,
Селкилер созот обонун.

Сармерден салты элимдин,
Алатоо конуш жеримдин.
Айлана шаңга бөлөнүп,
Моокуму канган көңүлдүн.

Адамдын ээлеп санаасын,
Айтылып Айкөл Манасын.
Акылга уюп түбөлүк,
Акындар ырдайт сармерден,
Айтышып терме санатын.


Менин баяным

## КАРАКӨЛ НУРУ – КЕРЕМЕТ

Ажайып жомокторду эске салган,
Аскасы көктү тиреп булут чалган.
Көрк берип аска-зоонун арасына,
Каракөл менин шаарым орун алган.

Жалпыга атак-даңкы тараганбы?
Жараткан оң көз менен караганбы?
Далай кооз шаарлар көңүлүмдө,
Билалбайм сага тендеш табаламбы?

Кара суу как ортосун жарып өтөт,
Кайыңды, Чоң-Таш суусу агып өтөт.
Мөлтүр суу көбүк чачып бир ажайып,
Көңүлгө түрдүү ойду салып өтөт.

Бүлдүркөн суу жээгинде чырмалышып,
Бак-дарак башын ийип ыргалышып.
Сейилдеп бара жатсаң бак ичинде,
Сезимге ойлор келет эң бир кызык.

Мөлтүр суу, бийик аска, таза абан,
Мен сага сонун ырлар жаза алам.

Каракөл – айтып бүткүс дастанымсың,
Каракөл – ыйык шаарым мен жашаган.

Каракөл көздөн кетпей нур элеси,
Ааламда теңдеши жок дарамети.
Каракөл жарык чачып жалпы элге,
Каракөл нуру – анын кереметти.

## ЫРДАП СЕНДЕ ЖАШАГАМ

Бири чын да, бири жалган,
Жомокторду эске салган.
Карт Нарындын жээгинен,
Каракөлүм орун алган.

Ак мөңгүдөн калпак кийген,
Аскалары көктү чийген.
Каракөлүм – ыйык шаарым,
Карегимден кетпей жүргөн.

Мол булагы мөңкүп аккан,
Сезимдерге шуру таккан.
ГЭСтери бар даңкы өчпөс,
Бүт дүйнөгө жарык чачкан.

Ар убакта сенде санаам,
Арнап сага ыр жаза алам.
Ыйык шаарым Каракөлүм,
Ырдап сенде мен жашагам.

## СУЛУУ КӨЛ

Алатоо койну атыр жел,
Агарып сүйкүм таң атат.
Токтолуп Нарын буулуп,
Толкундап сулуу көл жатат.
Элиме өтөп кызматын,
Электр шамы нур чачат.

Акындын алып ысымын,
Өчүрбөй атын түбөлүк.
Агымы күчтүү чоң Нарын,
Аскага келип тирелип.
Толкундар жээкке урунат,
Бир күлсө бирде түнөрүп.

Толкундап акса чоң Нарын,
Толкунун түрдүү сулуулап.
Тогуз кайрык күүсүндөй,
Толкундар шоокум үн улап.
Чайпаса толкуп сулуу көл,
Чайкама күүсү угулат.

## КӨК ЖЕЛЕГИ ЖЕЛБИРЕЙТ

Көргөн адам ой толгоп көңүл бөлүп,
Көк тиреген аскалары булут челип.
Токтогул ГЭС каскадынын көк желеги,
Тоо башында көк асмандан элес берип.

Ким тура алат көк желекке көңүл бурбай,
Берет элес көкмөк кашка тунук суудай.

Желектеги сары боёк күн энеден,
Жарык чачып, жан киргизип түшкөн нурдай.

Ак боёгу ого бетер агаргансып,
Асман тиреп плотина бара алгансып.
Элирип аккан дайра агымынан,
Электр шамы күйүп таралгансып.

Ырлар келип сезимге убап-чубап,
Ыйык желек өзүнө көңүл бурат.
Көк асаба желектин бир бетинде,
Кыргыз элдин бүркүт канат герби турат.

Токтогул ГЭС кызмат өтөп калкым үчүн,
Тартуулайт дарыянын агым күчүн.
Көк желеги желбирейт түбөлүккө,
Элестетип асман жүзүн, жердин жүзүн.

## МЕНИН БАЯНЫМ

Байыркы журт, кыргыз элдин кыйырынан,
Бабалардын чыкпай баскан чыйырынан.
Көөдөнүмдө толкуп турса сезимдер,
Көңүлдөгү ойлорумду ыр кылам.

Көрбөгөндү билбейм мен да көрөмбү?
Көңүлүмдө чексиз ойлор төрөлдү.
Арбак даарып, Алла Таала буйруптур,
Аздыр-көптүр манасчылык өнөрдү.

Өнөрү бар өргө чабат жалтанбайт,
Өжөрлөнүп ак көбүгү сампарлайт.

Эр Манастын колдобосо арбагы,
Эрдиктерин ар бир адам айталбайт!

Өмүрүмө өзөк нугун тараткан,
Өнөр алды – кызыл тил го сабаткан.
Ыр жазамын көөдөндө ойду тизмектеп,
Ырыскыма берген экен жараткан.

Кудай берген менин ушул баяным,
Кудай берсе эмнесин аяйын?
Манас айтып, ыр жазгандан чарчабайм,
Кайра курчуп, эс алгансып каламын.

## АПАМА

*(Жаркын элесине арналат)*

Ажал деген адамды бөлөт экен,
Аргасыз адам уулу көнөт экен.
Баш ийип тагдыр жазган жазымышка,
Башына кайгы түшсө көрөт экен.

Атам өлдү ал кезде бала экенмин,
Айтылган макал сымал чала экенмин.
Эстегим такыр келбейт бул жашоодо,
Эң каардуу, шум ажалдын бар экенин.

Шумдугу бул жашоонун болуп келген,
Шум ажал апакемди бөлдүң менден.
Кырк ашып кыйла жашап калганымда,
Кудайым тендеши жок кайгы берген.

Апакем белим элең, аркам элең,
Ар балаадан коргогон калкам элең.
Аркандан көз жашымды жамгыр кылып,
Арманымды козгой берем, айта берем.

Апакем жарык тийген күнүм элең,
Айбатым, жүзүмдөгү сүрүм элең.
Кантейин башка кылар амалым жок,
Кайгырып көз жаш төгүп ыйлай берем.

Башка салса жараткан баары чынбы?
Багыштаймын арбагына куранымды.
Байкадым ыйлай-ыйлай арга жоктон,
Бара-бара көз жашымды тыярымды.

Аттиң дейм ичтен сызып арманыма,
Айрылып апакемден калганыма.
Буюрсун калган өмүр, калган жашың,
Буркурап ыйлап калган балдарыңа.

## АРТЫК КӨРӨМ

Алпештеген алып келген бул күнгө,
Апа деген ыйык экен ар кимге.
Теңдеши жок энекемдин мээримин,
Теңебеймин асмандагы ай-күнгө.

Энемди мен андан жарык сеземин,
Энемден мен өсүп-өнгөн экенмин.
Эстегенде энекемдин ак сүтүн,
Кантип актайм? Биле албай кетемин.

Алпештеген, аппак сүтүн эмгизген,
Ак эмгеги жүрөгүмдү эргиткен.
Апакемдин артык көрөм эмгегин,
Океандан, түбү терең деңизден.

Энемди мен андан терең сеземин,
Энемден мен өсүп-өнгөн экенмин.
Эстегенде энекемдин эмгегин,
Биле албайм, кантип актар экенмин?

Энем үчүн ыр саптарын чегелейм,
Энекемдин эмгегин мен ченебейм.
Асман тиреп булуттарды как жарган,
Аска-зоого энемди мен теңебейм.

Энемди мен андан бийик сеземин,
Энемден мен өсүп-өнгөн экенмин.
Эстегенде энекемдин ак сүтүн,
Кантип актайм? Биле албай кетемин.

## ЭСТЕН ЧЫКПАС КҮНДӨР

Алтын апа алтообузду төрөдүң,
Алпештедиң ак бешикке бөлөдүң.
Алтымыш төрт курагында атакем,
А дүйнөгө сапар тартып жөнөдүң.

Кеттиң ата, келбес сапар жол тартып,
Алты бала калдык жетим, ый басып.
Ойлоп коём ошол кезде акылымда,
Кеттиң ата неге бизди ыйлатып?

Мен ошондо онго чыгып жаныдан,
Акыл-эсим толо элек абыдан.
Сумка кармап, китеп окуп, кат жазып,
Төртүнчүгө окуп калгам жаңыдан.

Атакемдин өлгөнүнө камыгып,
Отуз төрттө калдың апа жабыгып.
Ошол кезде абалыңды бир көрсөм,
Азыр жүрөк кетет эле жарылып.

Алтын апа, бекем бууп белиңди,
Ыйлай-ыйлай сууткансып demiңди.
Алпештедиң, алтообузду өстүрдүң,
Адал иштеп төгүп маңдай териңди.

Балаң үчүн тартып мээнет күнү-түн,
Бак-таалайдан үзүлбөстөн үмүтүң.
Улап эмгек кара жанды карч уруп,
Унуткардың атакемдин күйүтүн.

Жашоо турмуш өтө берди жол тартып,
А биз болсо өсө бердик бой тартып.
Турдуң апа кайгырып да, кубанып,
Тун уулуңду армияга узатып.

Эх чиркин ай, энелердин жүрөгү,
Балдарынын окшойт жашоо түнөгү.
Тиштеп алсаң тилиңди апа айтчу элең:
«Балам байкуш курсагы ачка жүрөбү?»

Бала сага күйүп турган чырак да,
Жүрдү уулуң эки жылы ыраакта.
Мен уулуңмун – тун уулуңдан кийинки,
Окуучу элем сегизинчи класста.

Мектептеги окуучулук күн калып,
Мезгил учуп айлар жылга айланып.
Учтум уя, алтын бешик мектептен,
Орто билим күбөлүгүн колго алып.

Орто билим күбөлүгү колумда,
Борбор шаардан окуу менин оюмда.
Ал оюмду кубаттадың апаке,
Албетте чын, окуп алуу сонун да!

Бар тапканың топтоп берип колума,
Ак тилектен каалоо айтып жолума.
Калдың апа, мени узатып кыйылып,
Борбор шаардын узак сапар жолуна.

Ушул сөздү айтам апа эскерип,
Улуу согуш өмүрүнө кез келип.
Окуй албай калыптырсың апаке,
Балалыгың шол согушка туш келип.

Бардык ишти акыл менен тегиздеп,
Борбор шаарга келдиң анан мени издеп.
Айткым келет энелердин мээримин,
Ашып-ташкан океан же дениз деп!

Эскерткендей, эске алгандай жанатан,
Жалгыз тамга таанybaган жан апам.
Араладың борбор шаарды мени издеп,
«Кайдасың?» деп канат каккан балапан.

Издеп таап кеттиң апа жолугуп,
Кубангандан көзүнө жаш чогулуп.
«Жардамымды аябаймын уулум», – деп,
«Адам болсоң барга жокко согулуп...»

Борбор шаардан жолум болбой кайгырып,
Кайра өзүнө келдим апа кайрылып.
Ийгиликтин эрте-кечи болбойт деп,
Көңүлүмдү көкөлөттүң жай кылып.

Акыл айттың: «Барып иште ГЭСке», – деп,
«Бей жооп жүрүп, бейбаш болуп кетпе», – деп.
«Кайда жүрсөң караанындан кагылчу,
Апакеңди ар убакта эсте», – деп.

Адам болуу максат коюп өзүмө,
Айтканыңды бекем тутуп эсиме.
Ак эмгектин майданына мен келдим,
Атактуу ГЭС – Токтогулдун ГЭСине.

Ар убакта апа дайым мени эстеп,
Карап жолду качан балам келет деп.
Ар ай сайын келүүчү элем мен дагы,
Алпештеген алтын апа сени эстеп.

Келген сайын бар тамагың жайнатып,
Казаныңды булоолонтуп кайнатып.
Жетине албай кубанчусуң апаке,
Мен келгенге алыс жактан жол басып.

Күндөр чубап, ай айланып өткөндө,
Он сегизге жашым толуп жеткенде.
Күз келгенде ошол жылы мен дагы,
Эл катары чакырылдым аскерге.

Эл катары армияга аттандым,
Узатууга алтын апа сен бардың.
Көз жашыңды көлдөй төгүп кучактап,
Беттен өөп, мени узатып сен калдың.

Бир калыпта мезгил жылып, күн өтөт,
А мен жүрдүм армияда кызмат деп.
Ар убакта эстеп алып сагынам,
Жүргөндүрсүң сен да апа мени эстеп.

А убакыт кандай учкул, кандай бат,
Күндөр өтүп, саат жылат алгалап.
Эскеремин ошол кезде аскерден,
Солдат жазган сагынычтуу салам кат:

Бала деген боор этиңдин канындай,
Апам койсун кантип мени сагынбай.
Айла жоктон баш ийесиң тагдырга,
Кайдан болсун мен өзүмдүн барындай...

Жыйырма ай жүрдүм эл-жеримди сагынып,
Баш да бышты барга, жокко кагылып.
Жооп күтөм ушул жазган катыма,
Жол караган жолоочудай зарыгып.

Учкан куштай алга сызып убакыт,
Улам жылып, мезгил учту чубалып.
Мекениме ыйык милдет аткарып,
Мен да келдим, толкуп жүрөк кубанып.

## РОМАНДЫН ЭКИ ГАНА БАРАГЫ

Көп аралап Алатоонун арасын,
Кере жутуп атыр жыттуу абасын.
Келе жаттым үйдү көздөй эл менен,
Колго алып чакырылуу кагазын.

Сансыз оюм мин бөлүнөт бийикте,
Жолдош балдар чогуу жүрдүк бирдикте.
Атажуртка кызмат өтөө аянбай –
Эки жылдык ыйык милдет жигитке.

Түркүн сезим чыкпай сансыз оюмдан,
Кумар канбай ыр, бий, шаттуу оюндан.
Эстен кетпес ошол күнкү үлпөт той,
Узатууга улан-кыздар чогулган.

Кош, эсен бол! Асыл эне! Бир тууган!
Алоолоном, алга карай умтулам.
Эки жылы кызмат өтөп эл үчүн,
Эсен келип, эсенби деп кол сунам.

Шашыламын калуучудай жарышта,
Элим үчүн жарасам деп намыска.
«Кош эсен бол, убадага бек бол», – деп,
Сүйгөн селки калды күтүп алыста.

Түтүн бүркүп, зор паровоз шалактайт,
Жолдош балдар шандуу, шайыр шарактайт.
Кетип эле баратабыз токтолбой,
Шашылабыз... Кеч кирбейт да, таң атпайт.

Чачты кырып, суга түшүп киринип,
Кирзо өтүк, гимнастёрка кийинип.
Бир тооктун жөжөлөрү сыяктуу,
Бирге турдук жаш аскерлер тизилип.

Мына ошентип жаңы турмуш башталды,
Бир офицер, үч-төрт сержант башкарды.
Мылтык атуу, аскер билим өнөрү,
Жаш солдаттар карантинде такшалды.

Туура алты ай карантинде такшалып,
Сержанттардын мектебине катталып.
Дагы алты ай окуп жүрдүк мектепте,
Күлүк аттай күндө чуркап тапталып.

Мезгил өтпөй, күн күттүрүп зарыгып,
Ата-энени, сүйгөн кызды сагынып.
Туура алты ай өттү арадан дегенде,
Сержант болдук ийинге чин тагынып.

Сержант болдум. Бул да менин багым да,
Дежурныймын ротанын камында.
Кинодогу мушкетёрлор өңдөнүп,
Үч солдат бар кол алдымда, жанымда.

«Молодой» кез жомоктогу карыптык,
Узун түндө үргүлөймүн талыкшып.
Түн күзөтүп олтурамын уктабай,
Таң сүрүлүп түшсө экен деп жарыктык.

Мезгил учту он эки айдан эңкейип,
Чыйт түкүрүп, кыйгач басып теңселип.
Офицерге оң жооп бербей корс этип,
«Старикмин» азыр болсо керсейип.

Экинчи жыл «стариктик» кез болуп,
Наряд алуу, жумуш кылуу чет болуп.
Буйрук чыгып эң жогорку кеңештен,
Калдык мына кычыраган «дед» болуп.

Эки жылы эңсеп булбул үндөрүн,
Алатоонун байчечекей гүлдөрүн.
Эңсеп келем эл-журтумду сагынып,
Кош бол менин армиялык күндөрүм!

Кош бол эми «солдатский ашкана»,
Кош кирзо өтүк, гимнастёрка, ремень.
Гражданмын эркин жүргөн көчөдө,
Эстен чыкты, кечээ эле ким элем?

Өмүр деген – эң бир кызык роман,
Бул жашоодон жашап моокум канабы?
Эстен чыкпас эки жылдык армия,
Бул романдын эки гана барагы...

## АТАКЕМДИН ЭМГЕГИ

Моокум канбай бул жашоого келемби?
Моюн сунуп арга жоктон беремби..?
Зоодон бийик атакемдин эмгеги,
Же болбосо дениз, көлдөн тереңби?

Ата деген сөздүн өзү сылык го,
Ата деген уулу үчүн ыйык го.
Аркамдагы Алатоодой тирегим,
Атам менин – теңдеши жок улук го.

Ачык жайып мен дегенде кулачын,
Алыс жактан келсем күтүп турасың.
Атам мени артык көрүп жанынан,
Аябаган менден күчүн кубатын.

Асман ачык, айдай чак түш, күн кетпейт,
Алмашканда жарык күнгө түн жетпейт.
Атакемдин теңдеши жок эмгегин,
Айтып-айтып даназалап тил жетпейт.

## БАЛАЛЫК

Өмүрүндө бир келип,
Күлүп турган балалык.
Өчпөс шамдай түбөлүк,
Күйүп турган балалык.
Энелердин мээримин,
Сүйүп турган балалык.
Ар бир үйгө жарыгы,
Тийип турган балалык.
Аска-зоодон жогору,
Бийик турган балалык.

Ата-эненин мээримин,
Төктүрүп турган балалык.
«Айланайын балам», – деп,
Өптүрүп турган балалык.

Аянбастан моокумун,
Кандырып турган балалык.
Ар бир үйдүн чырагын,
Жандырып турган балалык.
Аргымакча жоргосун,
Салдырып турган балалык.

Тили ширин балдырап,
Сөзү сонун балалык.
Өмүрүндө бир келген,
Өзү сонун балалык.

Моокумунду өзүнөн,
Кандырбаган балалык.

Өтүп кетсе кылчайып,
Кайрылбаган балалык.

Арманымды мен айтсам,
Угар белеҥ балалык?
Айланчыктап өзүмдү,
Турар белеҥ балалык?

Айланып кайра бир жолу,
Келер белеҥ балалык?
Айтканыма чын эле,
Көнөр белеҥ балалык?

Суу жээктеп барышкан,
Суу чыбык минип алышкан.
Баш аламан чурулдап,
Байге кылып жарышкан.
Оюну сонун балалык.

Алоолоп күйүп жанам деп,
Айга да учуп барам деп.
Келечекте көп окуп,
Космонавт болуп алам деп,
Тилеги сонун балалык.
Оюн десе камынган,
Болор-болбос нерсеге,
Мурчуҥ этип таарынган,
Кыялы сонун балалык.

Жаш чыбыктай солкулдап,
Жасалмасыз борсулдап,
Күлкүсү сонун балалык.

## КЕРЕМЕТ

Ай шооласы жаркылдап,
Нур чачылса керемет,
Атыр бүркүп жазында,
Гүл ачылса керемет.
Акындардын ой гүлү,
Ыр жазылса керемет.

Жалындаган отко окшош,
Жаштык кезиң керемет.
Жактырышса эки жаш,
Тунук сезим керемет.
Сүйгөнүңдү эң алгач,
Сүйөм дешиң керемет.

Жайдын күнү жайлоонун,
Көрүнүшү керемет.
Жамгыр жаап нөшөрлөп,
Төгүлүшү керемет.
Күн артынан жылмайып,
Бөлүнүшү керемет.

Өрүкзарды аралап,
Сейил курсаң керемет.
Ысыккөлгө бой таштап,
Кулач урсаң керемет.
Эр эмгегин жер жебейт,
Эмгек кылсаң керемет.

Мээрим төгүп күн нурун,
Чачкан жерде керемет.
Мөлтүр булак шылдырап,
Аккан жерде керемет.
Эр жигиттер эл-журтун,
Баккан жерде керемет.

Наристенин чулдурап,
Тили ширин керемет.
Сыйлап турса эки жар,
Бири-бирин керемет.
Арзып жүрүп табылган,
Аппак сүйүүң керемет.

Карагаттай балбылдап,
Көздөрүндө керемет.
Канттан ширин жагымдуу,
Сөздөрүндө керемет.
Кара көздү эң алгач,
Өпкөнүндө керемет.

Обон созуп ыр ырдап,
Ойноп күлгөн керемет.
Ардактап алган жарыңды,
Көңүл сүйгөн керемет.
Алганың менен тең карып,
Өмүр сүргөн керемет.

## ЫЙЫК АТТЫ ЭНЧИЛЕЙБИЗ

Алатоодой эмгектерин элебеген,
Адам жоктур эске алып ченебеген.
Ырыс чачып жалпыга аялзаты,
Ыйык атты тутуп келет «эне» деген.

Тартуулаган сага, мага гүл өмүрдү,
Тарых болчу жашоодогу бул өмүрдү.
Тоодон бийик, көлдөн терең мээримдери,
Таш болсо да эритет го жүрөгүңдү.

Асыл эне – баардыгынан бийик турат,
Арманыңды, кубанчыңды билип турат.

Алтымыштан ашса дагы жашы улгайып,
Ак эмчеги баласы үчүн ийип турат.

Ата – Мекен, эне – Нур дейт калкыбызда,
Ай нурундай шоола чачкан жалпыбызга.
Баатыр Манас энелерди ыйык туткан,
Баш ийели ошол ыйык салтыбызга!

Кыз төрөлсө бул жашоонун кенчи дейбиз,
Кыдыр колдоп бакыт-таалай берчи дейбиз.
«Уул-кызга эне бол», – деп келечекте,
Ушул ыйык атты ыйгарып энчилейбиз.

## КЫЗ, КЕЛИН, АЯЛ, ЭНЕ

Кыз дегенде элестетем гүлдөрдү,
Кызык жашоо, өмүрдөгү күндөрдү.
Ай чырайлуу, суудай тунук кыздарга,
Айткым келет эч ким айтпас сүйлөмдү.

Келин келсе үйгө кирген ырыскы,
Келечекке, бак-таалайга уютку.
Урматтаса алган жарын, бүлөсүн,
Уул-кыздарга эне болот туруктуу.

Аял деген – үйдүн куту өчпөгөн,
Аны баары көрүп турат көз менен.
Акынмын деп ыр жазгандын бардыгы,
Айтып, айтып жеткире албайт сөз менен.

Энелердин баскан жери бейиштей,
Жүрсөк эмне, эч убакта кейитпей.
Тендеши жок энелердин мээрими,
Терендиги океандай, дениздей!

## АЯЛ ЭРКЕК ЖУП ЖАШАЙТ

Так айтылган калкымда,
Тарыхтан кабар беребиз.
Аялзат десе чынында,
Алоолоп толкуйт денебиз.
Арнап ыр жазып жүрөктөн,
Алтынын сөздүн теребиз.
Айкөл Манас баатырдай,
Алптарды тууган энебиз.

Аялзат ыйык дүйнөдө,
Аныгын анын чанбайбыз.
Ыр жазып белек тартуулап,
Ак сүйүүбүздү арнайбыз.
Хан Манаска жар болгон,
Каныкей деген кандай кыз?
Каныкейсиз Манасты,
Элестете албайбыз.

Кылымга даңкы угулган,
Кырк чачы кыздын улуудан.
Ак кууча учуп асманга,
Айчүрөк чыккан сулуудан.

Элин коргоп журт күтүп,
Эл ишенчин аткарып.
Манасты жеңип коюшка,
Байкасаңар аз калып.
Кыз Сайкал чыккан аялдан,
Атак-даңкы таш жарып.

Эмгектенип аялзат,
Эл көөнүнө толушсун.

Атак даңктын эң бийик,
Башатына конушсун.
Аял эркек жуп жашайт,
Аны да эстеп коюшсун.
Эриш аркак аялга,
Эркектер эсен болушсун!

## ЭКИ ЖАШКА

Баш кошкон соң бири-бириңди жактырып,
Бакыт толуп, үйдө болсун жакшылык.
Арабасын тең тарткыла турмуштун,
Ата-энеге, кайын журтка башты уруп.

Макал сөзү алмашылгыс алтынга,
«Барган жерден бак айтсын»,–дейт
калкымда.
«Жаркылдаган ыйманы ысык келин», –
деп,
Жакшы сөздөр ээрчип жүрсүн артында.

Ар-намыска бекем туруп сынбаган,
Ак-караны таанып билип ылгаган.
Кайын журтка сыйлуу күйөө аталгын,
Күйөө баланы пайгамбарым сыйлаган.

Ай айланып жылдар жылга жалгашсын,
Ага-ини жакшы тилек арнашсын.
Арканарды бала басып өмүрдө,
Алдыңарды эл айткандай мал бассын.

# Мен бир пенде...



## БАРДЫК ПЕНДЕ АМАН БОЛСУН!

Жашоого адам уулу бир жол келер,
Башыңдан өтпөйт чиркин эх эмнелер?
Жакшы мүнөз, жаман мүнөз адамдар көп,
Жаратканым экөөнү тең өзү берер.

Иштеп калсаң көпчүлүк келчү жерге,
Таң каласың ойлонуп келген элге.
Өңү-түсү, мүнөздөрү окшош эмес,
Ошончолук көп болсо да бардык пенде.

Бирөөсү эч максатсыз көрүп кетет,
Бирөөсү жаман айтып сөгүп кетет.
Да бирөөсү акыл айтып, насаат айтып,
Жакшы сөзүн жүрөгүнөн төгүп кетет.

Бирөөсү мааниси жок сайрап кетет,
Бирөөсү көз көрүнө алдап кетет.
Дагы бирөө жок болсо да сенде күнөө,
Жаман айтып, күнөөлөп каргап кетет.

Кай бирөө арак ичип башты чагат,
Кай бирөө орой сүйлөп итче кабат.

Кай бирөө мушташкандан кайра тартпай,
Денеге зак келтирип кетет сабап.

Кай бирөө бой көтөрөт, сага жакпайт,
Кай бирөө сыпайы сүйлөп, абийир сактайт.
Колунан келбесе да эч бир нерсе,
Кай бирөө өзүн айтып, өзүн мактайт.

Кай бирөө какшык айтып тийишет го,
Тийешесиз иштерине киришет го.
Капа болуп турганыңды билип туруп,
Кай бирөөлөр шылдыңдап күлүшөт го.

Кошоматка кээ бирөө каткырышат,
Билип туруп ошонусун жактырышат.
Кээ бирөөлөр арам ойлуу, наадан болот,
Жамандыктан жакшылыкты аз кылышат.

Сын тагышат кээ бирөө алын билбей,
Өзүнүн ким экенин, арын билбей.
Адамдын адамдыгын сынаш кыйын,
Ушундай мүнөздөрдүн баарын билбей.

Жок эмес, кээ бирөөлөр пейли жакшы,
Так билген адал-арам, кара-акты.
Калыстыктан тайбаган сылык мүнөз,
Кара аламан көпчүлүк элге жакчу.

Ар мезгилге жараша доор болот,
Көпчүлүк менен иштеш оор болот.
Көркөмдөп жаза берсе түгөнбөгөн,
Көлөмү чоң, кызыктуу болот жомок.

Эмгегиндин акыбети кайтып турса,
Эгем Таала жараткандан кел-кел келер.

Ойлонуп келечегин алды жактын,
Он жылды көздөйм десең – талды баккын.
Өстүрүп түрдүү жемиш, мөмө-чөмө,
Өркүндөт түркүн түсүн бак-дарактын.

Он жылда бак-дарагың мөмө берер,
Орошон берекесин төгө берер.
Бул жашоо оомал-төкмөл, өйдө-төмөн,
Буюрганын пендеси көрө берер.

Жашоодон кумар чиркин тарабассың,
Жүз жылды көздөйм десең – бала баккын.
Өстүрүп урмат менен уул-кыздарды,
Өмүрдөгү ак-карага аралашкын.

Уул-кыздарың жолунду улап кетер,
Учугун жүз жыл ашык чубап кетер.
Өзүндөн уул калса, кыз да калса,
Өмүрүңдүн өтпөгөнү куру бекер.

## ТӨРТ ЖЕТИМ

Жалкоолонуп жазында,
Жакшылап көңүл салбаса.
Убактылуу суу куюп,
Түшүмдү жакшы албаса.
Эгини өспөй жайкалып,
Эмгекке болсо каргаша,
Дыйканы начар жер жетим...

Падыша болуп а бирок,
Мыйзамы алга жылбаса.
Тартипти сактап темирдей,
Таамай ишти кылбаса.
Жеп-ичкенди токтотуп,
Эл-журтка көңүл бурбаса,
Башчысы начар эл жетим...

О дүйнө кетип кемпири,
Алапайын таба албай.
Кубаттуу ичип тамакты,
Курган жанды бага албай.
Келинге жаман көрүнсө,
Кир-когун жууп ала албай,
Алтымыш ашкан чал жетим...

Дасторконго төгүлүп,
Даамдын түрү жайнаса.
Кадырлуу конок келет деп,
Казандар толо кайнаса.
Күлкүлөр чыкпай томсоруп,
Күттүргөн конок барбаса,
Дасторкон байкуш ал жетим...

## ҮЧ НЕРСЕ СЕНИ ТҮШҮНБӨЙТ

Абайлап ар нерсеге көңүл салсаң,
Айтканды терең ойлоп эске алсаң.
Жайынды жамгыр билбейт нөшөрлөгөн,
Жашынарга жер таппай калып калсаң.

Барга, жокко адамзат алымсынат,
Басташсаң бийлик менен багың сынат.
Жайыңды жаман билбейт, пейили тар,
Жалооруп барып калсаң шагың сынат.

Илгерилейт үмүттөр үзүлбөгөн,
Иштер болот кез-кезде күтүлбөгөн.
Бала билбейт жайыңды жаш наристе,
Барды, жокту ажыратып түшүнбөгөн.

## КҮН ЖАНА ЖАШОО

Күн тийет, баарысынан ысык тийет,
Кээде бүркөк, салкындап кызык тийет.
Ак шооласы жарык чачып бүт ааламга,
Асман-жердин ортосун сызып тийет.

Таамайлап кепти айтсак капысынан,
Табы ысык күндүн нуру баарысынан.
Аман-эсен калабыз куйкаланбай,
Асман-жердин ортосу ачыгынан.

Ак кар, көк муз чилдеде жаман болуп,
Жамгыр жаап, ичиркентип, шамал болуп.
Кээде ысык, кээде салкын, кээде суук,
Кеп кылганга бир топ узак баян болуп.

Жашоосу адамзаттын күндү туурап,
Жаман-жакшы, оомал-төкмөл болуп турат.
Өмүр бою ысык бойдон жашабайбыз,
Өздөрүнөн ишенбесен көрчү сурап?

Алтын болуп кай бир кезде жаркылдайбыз,
Алтыным деп коргошундай балкылдайбыз.
Көнүлдөрдү калтырып, жаман айтып,
Кээ бир кезде сабашкандан тартынбайбыз.

## ТУРМУШ

Мезгил деген – жүрүшүндөй жоргонун,
Мелтиреген басып өтөт чон жолун.
Өйдө-төмөн, оомал-төкмөл дүнүйө,
Өмүрүндүн биле албайсын болжолун.

Жашоо үчүн камыр болуп жуурулуп,
Жаманга да, жакшыга да урунуп.
Чырмалган сон түйшүгүнө турмуштун,
Чыгалбайсын тириликтен суурулуп.

Жетишпеген куу турмуштун жетеги,
Желкен ылдый түйшүк басат кезеги.
Ойлор ашпай иш жүзүнө ойлогон,
Кыстап турган турмуш женет этеги.

Турмуш деген – дөнгөлөктүү араба,
Туулган сон калдын дей бер балаага.
Туура жолго арабаны тартам деп,
Тумандатып салат ойду санаага.

Чындык сөзгө чын жүрөктөн берилем,
Чыгыш кыйын жашоо турмуш чегинен.
Телегейи тегиз пенде жок чыгар,
Кемибеген хандын тузу кемиген.

Бул турмушта адам канча кырды ашат,
Кара жанды карч урушуп кыйнашат.
Ууртунан май чууруган манчыркап,
Учурунда байлар дагы ыйлашат.

## ЧИРКИН ӨМҮР

Чиркин өмүр, эмне мынча шашасың?
Чимирилип өтүп бара жатасың.
Ошол өмүр артка кайра кайрылбайт,
Ондош кыйын сенден кеткен катасың.

Мотурайган жаш баласың сүйкүмдүү,
Бойго жеткен жигит болуп көркөмдүү.
Уул-кызга анан эле атасың,
Үй-бүлөнү багам деген белсемдүү.

Ойлоносуң ким элем деп кечээ эле,
Оомал-төкмөл түрдүү болот бешене.
Бала-чакаң өсө баштайт бой тартып,
Барасың сен отуз жашка тез эле.

Эрте жетип кырк жашыңдын кырына,
Ээ болосуң уул-кызыңдын сыйына.
Бала-чакаң бойго жетет сынайып,
Барчын кушуң конгон сымал тууруна.

Эр ортону элүү жашка толосуң,
Күйөө бала, келиндүү да болосуң.
Чоң ата же таята деп небереӊ,
Чоң Кудайым берген атка коносуң.

Кыйындыкты жене билгин турмушта,
Кымбат баалуу атасын сен уул-кызга.
Кетирбешке аракет кыл каталык,
Кенен жолдо тайгаланып жылмышпа!

Чиркин өмүр, эмне мынча шашасың?
Чимирилип өтүп бара жатасың.
Ошол өмүр кайра артка кайрылбайт,
Ондош кыйын баскан чыйыр катасын...

## ЧЫНДЫК

Чындык барбы, чындык жокпу ким билет?
Ушул суроо кээ бирөөнү күлдүрөт.
Чындык үчүн ыйлаш керек күрөшүп,
Кандай пенде күрөшпөстөн тим жүрөт?

Чындыкты биз тебелейбиз бурмалап,
Калпты дагы чын кылабыз жылмалап.
Ошонубуз барып турган дөдөйлүк,
О дүйнөгө кетпей тирүү ким калат?

Чындык үчүн тике карап тура албай,
Чындык нерсе бардыгына кубанбай.
Оозу кыйшык болсо дагы мейли деп,
Байдын уулун сүйлөтөбүз уялбай.

Он жолду биз кээде солго бурабыз,
Кошоматка койду союп турабыз.
Падышабыз сокур болсо эгерде,
Баарыбыз тең бир жак көздү жумабыз.

О адамзат жакшы жорук баштасаң,
Кара өзгөйлүк кылганыңды таштасаң!
Акыйкаттык, чындык барын унутпа,
Ак ийилет, бирок сынбайт эч качан.

Чыныгы инсан – чындык үчүн күйүнөт,
Келечектен кандай пенде түңүлөт.
Убактылуу утканыңа сүйүнбө,
Кыңыр ишиң кырк жылдан соң билинет.

## ЗАМАН ЖАНА АДАМ

Күндөр айдын, айлар жылдын жибин түрүп,
Мезгил өтөт кандай ылдам, кандай күлүк.
Бирде жакшы, бирде жаман сыяктанып,
Заман чиркин турат экен өзгөрүлүп.

Өткөрөбүз баштан түрдүү замандарды,
Өмүрдөгү жакшыларды, жамандарды.
Кандай заман туш келсе да бешенеңе,
Качып андан кутулушка амал барбы?

Ойлоп көрсөк заман кеңби, заман тарбы?
Ойлондурат ушул суроо адамдарды.
Жоболоңдуу бул турмуштун сырын чечип,
Жооп берчү айткылачы адам барбы?

Барды, жокту бирдей санап мейли деген,
Баардык адам болбойт экен пейли кенен.
Алдым-жуттум адамдар көп бул заманда,
Алымсынбай алсам деген, жулсам деген.

Абайлабай акыл менен таразалап,
Аз өмүрдө дүйнө жыйсак карашалап.
Анан кантип заманыбыз оңолмокчу?
Эл мүлкүнө колду салсак кара санап.

Тойдум дебес топугуна тобо кылбай,
Кара өзгөйлүк ойлорунан карыш жылбай.
Кызарган жер көрсө үзүп алсам деген,
Адамдар көп кой аңдыган карышкырдай.

Заман жаман дейбиз анан, заман жаман,
Замананы жамандаган адам жаман.
Анан кантип заманыбыз жакшы болмок?
Ач карышкыр болуп турсак жаландаган.

Суроо коюп өзүбүзгө заман кандай?
Адамдарда жакшы кандай, жаман кандай?
Өзүбүздү өзүбүз оңдойлучу,
Шылтоо кылып заманага түртө салбай.

## МАЙМЫЛ ЖАНА АДАМ

Ак эмгектин берекеси төгүлгөн дейт,
Ажайып кереметі көрүнгөн дейт.
Акыл менен эмгектин аркасынан,
Адамзат маймылдан бөлүнгөн дейт.

Ак эмгектен изиң калса болот нуска,
Аттиң ай, аз жашоодо өмүр кыска.
Жалкоолонуп эмгектенбей арак ичкен,
Жаштарыбыз жок эмес арабызда.

Ойлонуп өзүнө-өзү бербей кеңеш,
Ошолор маймылдардан берет элес.
Күнүмдүгүн ойлонушкан ошол жаштар,
Күлкүлүү маймылдардан алыс эмес.

Даамына ичкиликтин байланабы,
Дал ошентип кайран жаштар жайланабы?
Маанисиз өмүр сүрүп аз жашоодо,
Маймылына адамдын айланабы?

## ЭМНЕ?

Жашоо эмне? Албетте күрөшүү,
Жалгандагы аз өмүрдү түгөтүү.
Жашоо үчүн айбан дагы күрөшөт,
Болбосо экен адамзатты жүдөтүү.

Тагдыр эмне – буйругубу Алланын?
Татаалданып туюктанса жан жагын.
«Тагдыр деген ушу экен», – деп баш ийип,
Тайгаланып жол таба албай калбагын.

Жаштык эмне? Көз ирмеми өмүрдүн,
Жалын болуп күйгөн кези көңүлдүн.
Жараткандын буйругу экен бул жашоо,
Жаштык кезден арга жоктон бөлүндүм.

Сүйүү эмне? Сүйүү деген – махабат,
Сүйгөн адам махабатка такалат.
Махабатты даназалайт сүйгөндөр,
Тамчы эмес, суу төккөндөй чакалап.

Бакыт эмне? Сүйгөнүңдү тапканың,
Бала-чака, ата-энени бакканың.
Даамын татып жакшылыгын жашоонун,
Дайра болуп аз өмүрдө акканың.

Өмүр эмне? Кудай берген аз убак,
Азбы, көппү бешенеге жазылат.
Ажарланып, жайнай түшүп аз өмүр,
Анан өчөт! Кайра келбей жашынат.

Ырыс эмне? Кудай берген береке,
Ырыскыңды алдырбагын бөлөккө.
Алла Таала ырыскыңдан кур койбойт,
Болбосо да пендесине бересе.

Кайгы эмне? Өлүм келсе каргаша,
Кабак бүркөп кайгы сени арбаса.
Кайгы-мунду жеңип кетет адамзат,
Кармап өзүн кайратынан жанбаса.

Өлүм эмне? Кайгы-муңдун эң башы,
Жакындардын жамгыр болгон көз жашы.
Жаратканым өзү жасап, өзү алат,
Ага пендем акарат сөз кылбачы!

Максат эмне? Келечекке умтулуу,
Кол жетпеген бийиктикке кол сунуу.
Ишке ашырып ойлоп жүргөн оюңду,
Иримдетип көөдөндө ойду толтуруу.

Тилек эмне? Жакшылыкты сурануу,
Жакшы тилек – жарым ырыс, кубануу!

Тилегимди кабыл кылат Кудай деп,
Тениримдин зор күчүнө ынануу.

Үмүт эмне? Үзүлбөгөн ойлорун,
Үмүт – кылган келечегин, болжолун.
Үмүт, тилек, максаттарын ишке ашса,
Кенен болот келечекте чоң жолун.

Достук эмне? Жактырышуу мүнөзүн,
Чын дос болсоң жамандыкта күйөсүн.
Аккан менен Курманбектей дос болсоң,
Эл оозунда түбөлүккө жүрөсүн.

## КАНДАЙ? √

Кудай берсе ден соолук, күчүн кандай?
Кубанганда жылыган ичин кандай?
Ак эмгектен атагын көкөлөсө,
Аркандагы калтырган изин кандай?

Булуту жок шаңкайган асман кандай?
Буркураган гүл аралап баскан кандай?
Оргуп турса талантын булак болуп,
Ойлорунду ыр кылып жазган кандай?

От күйгөндө алоолоп жалын кандай?
Он сегизде күч кубат, алын кандай?
Жандүйнөңдү балкытып сүйүп турса,
Жанга жагым, сүйкүүмдү жарын кандай?

Эргип турса ойлорун, санаан кандай?
Эп келишпес жакшы менен жаман кандай?
Элдин уулу аталып абийир тапкан,
Эстүү чыккан эмгекчил балаң кандай?

Онолордо аян берген түшүң кандай?
Ойдогудай аткарган ишиң кандай?
Жалган дүйнө – аз өмүр, жашоодогу,
Жан аяшпас сүйкүмдүү кишиң кандай?

Жамгыр жааса суу өткөрбөс чатыр кандай?
Жайнаган душман келсе баатыр кандай?
Турганда жол табалбай санаа тартып,
Туюктан откоол тапкан акыл кандай?

Бактылуу өмүрдөгү жылдар кандай?
Бардыгынан учкул ой, кыял кандай?
Жараткан ченеп берип койгон менен,
Жашоодон такыр канбас кумар кандай?

Өйдө кандай, жөө бассаң төмөн кандай?
Өргө тартсаң өрчүгөн өнөр кандай?
Алпештеп жашоо берген, өмүр берген,
Алмашылгыс атаң менен энең кандай?

Жамандык башка түшсө жакын кандай?
Жадыбалдай ыр жазган акын кандай?
Жылат өмүр токтолбой улам алга,
Жылгын курак– жыйырма беш жашың
кандай?

## КАНЧА?

Асман, жердин ортосунун бою канча?
Батыш, чыгыш арасынын жолу канча?
Жылас болгур куу турмушта пендесинин,
Жыргал күнү, тарта турган шору канча?

Ааламда адал канча, арам канча?
Аралаш жакшы канча, жаман канча?
Ажал жетип күн бүтсө жашоодогу,
Адамзат баш ийбеске амал канча?

Асманда күн нурунун табы канча?
Ай жалгыз, жылдыздардын саны канча?
Бири өлсө, бири келип жарыктыкка,
Бул дүйнөдө адамдардын баары канча?

Жай мезгилдин жайнап өскөн гүлү канча?
Жашоодогу тагдырлардын түрү канча?
Жаратканым өмүр берген пендесине,
Жакшылап эсептечи күнү канча?

Ачыла элек ааламдын сыры канча?
Алатоонун асман челген кыры канча?
Кылымдар өткөн экен эсеп жеткис,
Ким санайт, айы канча, жылы канча?

Ай-ааламды кенен дейбиз, ичи канча?
Жер энени балбан дейбиз, күчү канча?
Оомал-төкмөл дүнүйө, өйдө-төмөн,
Ойлоп көрчү, ийри эмес, түзү канча?

Ким билет түз жер канча, тоолор канча?
Жөргөмүштүн желесиндей жолдор канча?
Дагы эмне канча экенин биле албай,
Чарк айланат ааламды ойлор канча?

## КАНТЕТ?

Эрте жазда кыш кантет?
Эрип кетсе муз кантет?
Эгем Таала бак айтпай,
Эр албаган кыз кантет?

Талкаланса таш кантет?
Жазылбаса баш кантет?
Карылар ичип мас болсо,
Карыны көргөн жаш кантет?

Карышкыр тийсе кой кантет?
Каардуу кышта тон кантет?
Ичип-жеп түшсө кокустан,
«Инфаркт» болгон чон кантет?

Суук жел жүрсө жай кантет?
Суу акпас какыр сай кантет?
«Банкрот» болсо капилет,
Байлыксыз калган бай кантет?

Кургакчыл болсо жыл кантет?
Баркы жок болсо пул кантет?
Байларда ысап жок болсо,
Бактысыз байкуш кул кантет?

Барктaлбаса сөз кантет?
Бааланбаса бөз кантет?
Көтөрүлсө мартабан,
Көрө албаса өз кантет?

Аптапта куурап чөп кантет?
Алынбай калса кек кантет?
Эмгегин жеген бирөөнүн,
Эл башкарган бек кантет?

Ачууга кошсо бал кантет?
Айланбай калса кан кантет?
Чын дүйнөгө барганда,
Чыркырап байкуш жан кантет?

Эгесиз калса мал кантет?
Ээн калса там кантет?
Карабай кетсе балдары,
Карыган кемпир-чал кантет?

Чор болсо таман бут кантет?
Чокуса тоок курт кантет?
«Общий дом» болсо мекени,
Ордолуу кыргыз журт кантет?

Созулган суусуз чөл кантет?
Соолуса суусу көл кантет?
Башчысы калыс болбосо,
Баш аламан эл кантет?

## ЭМНЕ БЕКЕР?

Ойлонуп, ой түбүнө кимдер жетер,
Ой санаанын түйүнүн кимдер чечер?
Жаратканым тартуу кылган пендесине,
Жашоодо дем алганга аба бекер.

Жалгандан адам жашап бир күнү өтөр,
Жалп эткен жалын сынар өмүр өчөр.
Агып-агып түбөлүккө түгөнбөгөн,
Аз жашоодо адам ичкен суусу бекер.

От болуп адам уулу жанып кетер,
О дүйнөгө бир күнү алып кетер.
Күнүмдүк бул жашоонун коногуна,
Күндүзү күндөн тийген жарык бекер.

Ким экен баардыгына башы жетер?
Ким экен каалашынча жашап кетер?
Өлчөп берген Теңирим аз өмүрдө,
Эх чиркин, болсо эмне баары бекер?

## КИМДЕР БИЛЕТ?

Оргуп талант кыялы,
Ой гүлдөрүн жыйнашкан.
Таазим кылып баш ийип,
Таланттарды сыйлашкан.
Ырдын баркын кадырлап,
Акындар билет ыр жазган.

Махабаттын баяны,
Барат дайым калыңдап.
Кереметтүү сүйүүнүн,
Келечегин дайындап.
Сүйүүнүн баркын кадырлап,
Сүйгөндөр билет жалындап.

Наамын коргоп журтунун,
Намысты колдон бербеген.
Калкына арнап кызматын,
Канатын күүлөп сермеген.
Элинин баркын кадырлап,
Эр жигит билет – эл деген.

## ДАГЫ КАНЧА СЫРЫҢ КАЛДЫ?

Өйдө көздөй аккан сууну көргөн барбы?
Өлгөндөргө атаандашып өлгөн барбы?
Чын экенин бир Кудай өзү билет,
Чын дүйнөгө барып кайра келген барбы?

Өзгөрүлбөс майкөл, сүткөл заман барбы?
Өлбөй турган бул жашоодо адам барбы?
Ажал жетип күнү бүтсө адамзаттын,
Арачалап калууга аны амал барбы?

Өчпөй турган түбөлүктүү жалын барбы?
Өмүр бою тактан түшпөс ханың барбы?
Бек бол, хан бол өлүм бирдей бардыгына,
Бара турган көрдөн башка жайың барбы?

Чыккандан соң батпай турган күнүң барбы?
Чынын айтчы соолубаган гүлүң барбы?
А дүйнөгө баргандан соң пендесине,
Ак кепинден башка кийчү кийим барбы?

Ай-ааламдан ашкан дагы кенен барбы?
Океандан ашкан дагы терең барбы?
Желдей сызган ой түбүнө жете албайсың,
Жерден ашык, жерден да чоң көлөм барбы?

Асмандагы жылдыздар көп, саны барбы?
Аркыраган шамал жүрөт, жаны барбы?
Аккан сууну адам кечет, айбан кечет,
Калып калган изи барбы, тагы барбы?

Токтоп калган бир ордунда кылым барбы?
Токтолбогон мезгил күлүк тыным барбы?
Жоболондуу бул жашоону көп ойлоймун,
Жообу жок, дагы канча сырың калды?

## ДАГЫ КАНЧА КЫЯЛДАНАМ?

Дарыя экен тынымсыз агып турган,
Күн экен го дүйнөнү жарык кылган.
Табийгаттын мыйзамы татаал экен,
Жайда ысытып, кышында кайыктырган.

Мезгил экен бир мүнөткө токтобогон,
Бүгүнкү күн эртеңкиге окшобогон.
Жашы улгайган адамда арман болот,
Жаштык кезин ким бар экен жоктобогон?

Толкун күчтүү, бирок жээкке чыга
албаган,
Тоолор экен бир ордунан жыла албаган.
Эрибеген музга окшош тонуп турган,
Эл-журтуна жакшылык кыла албаган.

Булут экен бир ордунда тура албаган,
Бул жашоодо ким бар экен сыналбаган?
Абийири жок акмактар көп арабызда,
Ар-намысын сактабаган, уялбаган.

Жер экен го өз огунда тегеренген,
Жамгыр экен көк асмандан себеленген.
Жалган дүйнө акыйкатсыз мыйзамы көп,
Жамандарга жакшылар теңелбеген.

Күндөр экен сааттардан куралышкан,
Жомок экен пайда болгон уламыштан.
Ата – Кудай, Эне – Умай эгер билсен,
Ардакташып учурушкан уябыздан.

Курамдары тамгалардын сөздөр экен,
Кулпунган жаз мезгили – көктөм экен.
Бири өлсө, бири келип жарыктыкка,
Бул жашоодон канча пенде өткөн экен?

Шамал экен кой дегенге тил албаган,
Шаттык алам ар бир жазган чыгармамдан.
Дарыянын толкунундай өйдө-төмөн,
Дагы канча билбеймин кыялданам?

## ЖОК

Асман болбойт түнкүсүн жылдызы жок,
Адам болбойт күнөөсүз, кылмышы жок.
Байлар дагы ыйлашат кээ бир кезде,
Баардыгын бейиштей турмушу жок.

Ийгиликке жетпейсиң эмгеги жок,
Иш өткөн соң кайрылып келмеги жок.
Үйрөнбөсөң жаш кезде бир өнөрдү,
Үңкүйөсүң карыганда эмгеги жок.

Алтын болбойт ченемсиз салмагы жок,
Адам болбойт жашоодо арманы жок.
Ажал жетсе баш ийет жаш-карысы,
А дүйнөгө кетпестен калмагы жок.

Жер айдалбайт себерге үрөнү жок,
Жетелебейт күлүктү жүгөнү жок.
Беш манжаңды салыштыр тегиз эмес,
Бир кем дүйнө – чын эле бирөөсү жок.

Асман турат кулабай түркүгү жок,
Азап тартпайт адамзат түйшүгү жок.
Ача сүйлөп убададан тайып кетсе,
Андай адам шүмшүк болот сүйкүмү жок.

Куш уча албайт көкөлөп канаты жок,
Кутурма жиндилердин санаасы жок.
Казан-аяк кагышат кээ бир кезде,
Куу турмушта болбойт экен талашы жок.

Жамгыр жаабайт асмандан булуту жок,
Жаза албайсын жакшы ырды угуту жок.
Ышкысы жок адамдын ою кыска,
Ырын менен бир тыйын жумушу жок.

Жылжып акпайт суулар да арыгы жок,
Жылдыздар көп, айчалык жарыгы жок.
Ак жеринен жалаага жыгылганда,
Актыгыңа күйөсүн жалыны жок.

## СУЛУУЛУК

Жаз мезгилде сулуулук гүлү менен,
Булбул кушта сулуулук үнү менен.
Жуп жаралган бактылуу бул өмүрдө,
Жубайларда сулуулук сүйүү менен.

Жай мезгилде сулуулук аптап менен,
Жайнап бышкан мөмөлүү бак-шак менен.
Ат адамдын канаты деген туура,
Аргымакта сулуулук таскак менен.

Күз мезгилде сулуулук түшүм менен,
Күжүрмөндө сулуулук иши менен.
Адамдарда сулуулук ак эмгектен,
Аркасында калтырган изи менен.

Суук кышта сулуулук ак кар менен,
Сур булутта сулуулук асман менен.
Кеменгерде сулуулук акыл болсо,
Келечекте сулуулук жаштар менен.

Акындарда сулуулук эргүү менен,
Алатоодо сулуулук мөңгү менен.
Алатоону, ак мөнгүнү элестеткен,
Ак калпакта сулуулук белги менен.

Конуштагы сулуулук үйлөр менен,
Комуздагы сулуулук күүлөр менен.
Ысыккөлдө сулуулук толкун болсо,
Ырчыларда сулуулук үндөр менен.

## КЕРЕМЕТТҮҮ ҮЧ КӨК БОЁК

Табийгатта үч көк боёк: Бири асман,
бири дениз, көл, дарыя агып жаткан.
Бири дарак, көк жашыл чөп айланага
бир ажайып буркурап жытын чачкан.

Көк асманды кээ бир кезде булут чулгайт,
Кетет бирок булут тарап, көпкө турбайт.
Көкмөк асман ого бетер көркү сыйкыр,
Көңүл бөлсөң сезим толкуп, жүрөк туйлайт.

Ачылбаган аалам сырын билгин келет,
Аккан суулар кээ бир кезде киргилденет.
Кайра тунат, көл-дайралар көкмөк болуп,
Көңүлдөрдүн толкушуна болуп себеп.

Күз келгенде күн энении табы кайтат,
Көк-жашыл дарак, чөптөр саргыч тартат.
Жазда жашыл килем төшөп айланага,
Булбул сайрап, махабаттан дастан айтат.

Тирүүлүктө жашоо – чексиз узак жомок,
Түбөлүккө өчпөйт ушул үч көк боёк.
Асман, деңиз, дарак, чөптөр көкмөк болсо,
Ааламдагы кереметтүү жашоо болот.

## ТАШ КОЁБУЗ

Жер үстүндө көмкөрүлүп асман жатат,
Жер бетинде сан жеткис таштар жатат.
Канча кылым жатты экен ушул таштар,
Кайра-кайра ойлонуп баштар катат.

Кыймылдабай таштар жатат, секире албайт,
Кыян каптап, жамгыр жууп кетире албайт.
Адал, арам бардыгына таштар күбө,
Адам бирок маани берип эсине албайт.

Жайында ысып, кышында үшүп кетпейт,
Сууга чөгөт, агып кетпейт, сүзүп кетпейт.
Канча кылым жашай берет сырын айтпай,
Талкаласаң талкаланып бирок сезбейт.

Кайгы-мунду баары билет, таштар билбейт,
Кубанганда баары күлөт, таштар күлбөйт.
Табийгатта өзгөрүлөт бардык нерсе,
Таштар гана жата берет, өзгөрүлбөйт.

Бул жашоодо аз жашайбыз, аз болобуз,
Буйругуна тагдырдын баш коёбуз.
Эстен чыкпай жүрсө экен деп түбөлүккө,
Эстеликке маркумдарга таш коёбуз.

## МАЙ КАРМАГАН...

Бура сүйлөп берсек эми кезекти,
«Бухгалтердин» кыргызча аты «эсепчи».
Чын жүрөктөн кызмат өтөп калкына,
Чыкылдатып чотко салат эсепти.

Эсепчилер эл-журт үчүн ак иштейт,
Эсеп-чоттон жаңылбастан так иштейт.
Башкаларын эске албасак майда деп,
Миллиондоп акчаларды эсептейт.

Чындыкты айтам, айтпайм сөздүн
жалганын,
Таарынгансып бирок мага калбагын.
Байыртадан кыргыз элдин макалы,
«Май кармаган жалайт экен бармагын».

Эл-журтуңдун керегине жарай бер,
Эсеп-чоттон жаңылбастан санай бер.
Беш колуңдун баарысын тең салбастан,
Бармагыңды кичинеден жалай бер.

## МЫЙЗАМДАР КӨП АДИЛЕТСИЗ

Түркүгү жок көк асман кулап кетпейт,
Түмөндөгөн жылдыздарга саның жетпейт.
Түйшөлткөн көйгөйлөр көп тирүүлүктө,
Түзөтүүгө бардыгын тең алың жетпейт.

Ай калкылдайт асманда түшүп кетпейт,
Аптапта ысык, чилдеде үшүк кетпейт.

Көп нерсе акыйкатсыз ондош кыйын,
Көрүп туруп көзүң жетет, күчүң жетпейт.

Аккан суулар ага берет токтолбостон,
Аска-зоолор бир ордунда козголбостон.
Чыдай албай кыжалат болуп кетем,
Чындык калат кез-кезде коштолбостон.

Жер тоголок өз огунда тегеренет,
Жамгыр жааса күн асмандан себеленет.
Аттиң арман, кара өзгөйлүк кээде женип,
Адилеттик аргасы жок тебеленет.

Күн жана түн кезек менен алмашылат,
Күндөр айга, айлар жылга жалгашылат.
Уурулары күчтүү болсо малдын ээсин,
Укмушуң кургурдуку доого жыгат.

Айдын нуру караңгыны жарык кылат,
Аппак нуру жүзүңдү чайып турат.
Акыйкаттык коштолбой тебеленсе,
Акчалуuга акчасызды карып кылат.

Төрт мезгили бир жылдын кезектешет,
Он эки айы кезек менен эсептешет.
Калпты чындай, аксакты тындай кылган,
Кара ниет калк башчылар жүрөктү эзет.

Асман бетин булут каптап кайра ачылат,
Ай-ааламга Күн энеден нур чачылат.
Ак жеринен күйүп кетсең аттиң арман,
Казыбектин казалындай ыр жазылат.

Көп нерселер ойлондурат эстен кеткис,
Көмкөрүлгөн жер үстүндө асман чексиз.
Жаратылыш мыйзамдары адилеттүү,
Жашоодогу көп мыйзамдар адилетсиз.

## ЖАМАН САПАТ ЖАКШЫДАН КӨП

Коркунучтан коргонобуз, сактанабыз,
Күнөөбүздү моюнга албай актанабыз.
Көп нерсе колубуздан келбесе да,
Көтөрүлүп дардактап мактанабыз.

Бирдиктүү ынтымакка көнө албайбыз,
Бироонун ийгилигин көрө албайбыз.
Бир туугандар, бир боорлор кай бир кезде,
Бир туугандык мээримдерди төгө албайбыз.

Жаман жакшы анчалык ылгабайбыз,
Жалпы журтту көп деле сыйлабайбыз.
Жан дил менен берилсек ичкиликке,
Жапа чегип түбөлүк жыргабайбыз.

Кошоматка кой союп жорголойбуз,
Коркуп, үркүп чындыкты айтпай
корголойбуз.
Оозу кыйшык болсо дагы байлар сүйлөйт,
Ошол жаман, бирок аны ойлобойбуз.

Чындык жолун биз тосуп бурмалайбыз,
Чырылдатып, жалган кылып жулмалайбыз.

Ача сүйлөп, пара алып жең ичинен,
Акыйкатты анча деле тыңдабайбыз.

Өзүбүздүн күнөөбүздү сезе албайбыз,
Ойлонуп мойнубузга эч албайбыз.
Жасалма болуп турса баарысы тең,
Жакшылыкка кол сунуп жете албайбыз.

Мусулманбыз, бирок аны карманбайбыз,
Шариятты бузгандан да тайманбайбыз.
Ошол күнөө – күнөө экенин билип туруп,
Орто жолдо адашып биз калгандайбыз.

Жакшы адамдын жакшы жолун узатпайбыз,
Жамандайбыз, колдон келсе тузактайбыз.
Бирөөлөрдүн акысын жеп кара санап,
Бирөөлөргө сын тагабыз, ушактайбыз.

Бей нысап оюбуздан айрылбайбыз,
Бекерден олжо тапсак тайгылбайбыз.
Бектерге сый көрсөтүп кошоматка,
Бечарага боор ооруп кайрылбайбыз.

Митаамданып түз жүрбөстөн өзгөрөбүз,
Мыйзам бузуп далай шумдук өткөрөбүз.
Өзүбүздүн башыбыздан төөнү көрбөй,
Өзгөлөрдүн башынан биз чөп көрөбүз.

Арам ойлуу, көрө албас, ичи тарбыз,
Ак жеринен бирөөлөрдү жамандайбыз.
Арам ойдон арылбасак оо адамзат,
Акыйкатты эч убакта таба албайбыз!

Бир жолу эле бул өмүргө жаралабыз,
Бир Кудайдын пендеси деп саналабыз.
Аттиң арман, жаман сапат жакшыдан көп,
Аны бирок ондогондон аянабыз.

## ТОЛГОНУУ БАР

Көк мейкиндин көмкөрүлгөн асманы бар,
Көр пенденин бешенеге жазганы бар.
Көптү көргөн карылардын ордун басар,
Көрктөндүргөн келечекти жаштары бар.

Аккан суунун нукка салчу арыгы бар,
Айдын дагы сүттөй тийген жарыгы бар.
Артындагы урпактарга айта жүрчү,
Ар бир элдин өмүр баян, тарыхы бар.

Кылымдардын сан жетпеген жылдары бар,
Кызыктырган дүйнөнүн көп сырлары бар.
Алла Таала буюрган динин туткан,
Ар пенденин аруулугу, ыйманы бар.

Асмандагы күндүн ысык аптабы бар,
Ар бир түндүн агарып таң атмагы бар.
Адам уулу түшпөгөнгө чарасы жок,
Ажал деген бул жашоонун капканы бар.

Алатоонун бийик дабан, белдери бар,
Ажайып жомоктордой жерлери бар.
Бешенеге Көкө Теңир жазып койсо,
Пендесинин ал буйрукту көрмөгү бар.

Көппү, азбы пендесинин жыйганы бар,
Көр оокаттын тозогу бар, жыргалы бар.
Каткырык, оюн-күлкү, шаттык баскан,
Кайгы-мун, көз жаш төккөн ыйлары бар.

Ар пенденин максаты бар, үмүтү бар,
Арманы бар, кубанчы бар, күйүтү бар.
Санааркаймын өмүр алга жылган сайын,
Сааттын да алтымыш мүнөтү бар.

Бир жумада жети күндүн аттары бар,
Чобур аттын өз алынча таскагы бар.
Жамандын да бир пайдасы тийип калат,
Жакшы адамдын жаман дагы жактары бар.

Көп нерсени көп дебегин эсеби бар,
Көрүнбөгөн узак жолдун этеги бар.
Көр оокат деп жанталашкан пендесинин,
Көзү тойбос дүнүйөгө кесели бар.

Айбандын да балдарына сүйүүсү бар,
Ар мезгилдин тирүүлүккө үлүшү бар.
Жаз мезгили бүчүр берсе бак-даракка,
Күз мезгилдин жалбыракты күбүшү бар.

Татаал жашоо, түгөнбөгөн ыр-чыры бар,
Табийгаттын опурталдуу кырсыгы бар.
Ал кырсыкты болтурбоого күчү жетчү,
Айта албаймын, кимдин кандай сыйкыры бар?

Пахтанын да ташка окшогон салмагы бар,
Байлардын да жетишпеген арманы бар.

Беш манжабыз тептең эмес, беш башкача,
Падышанын тузу кемип калмагы бар.

Ар кимдин өз алдынча ойлору бар,
Алдындагы келечекке болжолу бар.
Далай ойго чырмалып толгономун,
Дагы канча билбеймин толгонуу бар?

## ЖАРАТКАНДАН СУРАНУУ

Адамды Алла Таала жаратыптыр,
Ааламга жашасын деп таратыптыр.
Пайгамбарлар башка-башка болгон менен,
Баарысын бир өзүнө каратыптыр.

Ойлонсун деп акыл, мээ, баш бериптир,
Өмүр сүр деп бир топ жыл жаш бериптир.
Адам Ата, Обо Энеден тарасын деп,
Асмандан жер бетине апкелиптир.

Тирүүлүктө ырыскысын мол бериптир,
Тиричилик жасасын деп кол бериптир.
Бардыгын башкарууга күчү жетер,
Башына акыл менен ой бериптир.

Бакыт-таалай, ырыскы, кут бериптир,
Басып жүр деп баарына бут бериптир.
Артында уул-кызы жолун улап,
Аял менен эркекти жуп бериптир.

Күндүзү күн, түндөсү ай бериптир,
Ызгаардуу кыш, ысык аптап жай бериптир.

Тирек болчу турмуштагы жашоосуна,
Төрт түлүктүү бакканга мал бериптир.

Табийгаттын байлыгын көп бериптир,
Тал, токойлуу жашыл килем чөп бериптир.
Сынбас кайрат жана дагы чын ден соолук,
Сызгычтан түз, болоттон курч көз
бериптир.

Жашоого адам уулу бир келиптир,
Жаман-жакшы бөлүнүшүп иргелиптир.
Оозунан бал шекери куюлсун деп,
Ой сересин түшүндүрчү тил бериптир.

Эсептесек жараткан бүт бериптир,
Эркектерге кайрат менен күч бериптир.
Жаз жарыш мээнетинин акыбетин,
Жыйнасын деп берекелүү күз бериптир.

Бирине көп, бирине аз бериптир,
Аялзатка сүйкүм жамал, наз бериптир.
Сүйүү отун жүрөктөрдө жандыруучу,
Сүйкүм мезгил, жагымдуу жаз бериптир.

Ааламды уч-кыйырсыз кең бериптир,
Азайбаган мал байлык, кен бериптир.
Мээнет кылсаң чеги жок берекелүү,
Баарын чыдап көтөргөн жер бериптир.

Өмүр, жашоо, тирүүлүк, туу бериптир,
О дүйнөгө жол тартсаң чуу бериптир.
Тирүүлүктө адамга эң керектүү,
Таза аба, туптунук суу бериптир.

Даамы ширин аз өмүргө убак берген,
Дарыя, дениз куралсын деп булак берген.
Башка, көзгө, тилге, оозго шерик кылып,
Укканга күчтүү сезим кулак берген.

Адамзатты ай-күнгө сүрөп келген,
Ачык көңүл, асыл максат түнөк берген.
Кан айлантып, жан киргизип бардыгына,
Эч нерсеге алмаштыргыс жүрөк берген.

Чоң-кичине ар кандай көлөм берген,
Башы жетчү көп нерсеге жөндөм берген.
Бардыгына бербесе да кай бирине,
Таамай талант, өлбөс-өчпөс өнөр берген.

Жыргал жашоо ыракатын калың берген,
Жылынсын деп кыпкызыл чок, жалын
берген.
Эсептесек түгөнбөйт пендесине,
Эгем Таала кудурет баарын берген.

Адамзат бул жашоого келген экен,
Алла Таала көп нерсе берген экен.
Бар нерсени колдоно албас орду менен,
Баш аламан, чаржайыт пенден экен.

Жаз жарышта жалкоолонуп жаткандар бар,
Жаздыкка башын төшөп каткандар бар.
Калышпай эл-журт менен эмгек кылбай,
Карызга белчесинен баткандар бар.

Күркүрөп жолборс болуп сүйлөгөн бар,
Күзүндө шапар тээп гүлдөгөн бар.

Кышында кийерине кийими жок,
Кылчылдап ийнеликче бийлеген бар.

Үй-бүлөсүн багалбай качкандар бар,
Үй мүлкүн ыдыратып чачкандар бар.
Алкаш болуп тентиреп бул жашоодо,
Абийир, сыйын аракка саткандар бар.

Кылмышы көлдөн дагы терең дер бар,
Кыйкырып сүттөн акмын дегендер бар.
Эл башкарып, журт күткөн киши болуп,
Эл эмгегин эсепсиз жегендер бар.

Жашоонун жыргалынан тойгондор бар,
Жашынып ууру кылып койгондор бар.
Канына забын болуп күнөөсүздүн,
Кан төгүшүп, бычакташып сойгондор бар.

Жосунсуз жоруктарды баштаган бар,
Жоругу бир да жанга жакпаган бар.
Күнөөсүз наристени төрөп алып,
Күл дөбө, таштандыга таштаган бар.

Мазмунсуз чыр чыгарып урушкан бар,
Барган жерин балталап куруткан бар.
Баарын берип пендесинен аябаган,
Кудайды да кутуруп унуткан бар.

Баарысынан бийик турган Алла Таалам,
Баш ийет бир өзүңө бүткүл аалам.
Жаман жолдон адаштырып көр пендени,
Жакшы жолго баштай көргүн деп суранам.

## САКТА

Жараткан Алла жалаандан сакта,
Жабышкан оору, балаандан сакта.
Чымындай жанды кыйноого салган,
Чыга албай турган абалдан сакта.

Эл-журтту кырган согуштан сакта,
Ээн бир калган конуштан сакта.
Жоюлуп салтын, жоголуп калкын,
Малга окшоп манкурт болуштан сакта.

Ажал деп сунган мылтыктан сакта,
Айттырбай келген кырсыктан сакта.
Калпеле достой мамиле кылган,
Кара ниет, ою кыйшыктан сакта.

Эл-журттун мүлкүн уурдатпай сакта,
Эч кимге жерди булгатпай сакта.
Таалайлуу элим дүркүрөп өссүн,
Тамырын анын кууратпай сакта.


Күнөөгө белден баткандан сакта,
Кудайды таныып качкандан сакта.
Өрттөнүп өлгүр, талаада калып,
Өз динин өзү саткандан сакта!

Аёосуз тийген таяктан сакта,
Алкымды бузган арактан сакта.
Далайлар жолдон адашып жатат,
Дайынсыз жүргөн дабаттан сакта.

Адашып жолдон калгандан сакта,
Атасын урган балдардан сакта.
Энесин сөгүп, перзентин чанган,
Эшектен өткөн айбандан сакта.

Кем акыл хандын каарынан сакта,
Жыландын уулуу заарынан сакта.
Жамандык болбой жакшылык болсун,
Жараткан Алла баарынан сакта!

# Дастандар



## ЭРДИК

Токтолбой мезгил чиркин өтөт экен,
Тоо башында булуттай көчөт экен.
Дастандап өткөн иштн айтпаган сон,
Далай мезгил өткөн сон өчөт экен.

Добушка кимдер гана кулак түрбөйт?
Дастанды кимдер укпай, кимдер сүйбөйт?
Солто элин солк эттирбей кармап келген,
Байтик баатыр экенин кимдер билбейт?

Бак-таалайы артылып барса керек,
Балбылдаган чырактай жанса керек.
Барк таап эл-журтунан Байтик мырза,
«Баатыр» деген наамды алса керек.

Бак-таалай адамзатка конот экен,
Балкытып коргошундай коёт экен.
Эр Табылды эпосунда айталгандай,
Адамдын да сынчысы болот экен.

Эмне келип, эмне кетпейт алтын башка,
Байтик баатыр болуп, толуп турган чакта.
Казактан сынчы алдырып келген экен,
Өзүнүн эрдиктерин сындатмакка.

Кадырлап ал сынчыны союш союп,
Казак сынчы олтурду конок болуп.
Баатырдыктан кеп козгоп түрдүү-түрдүү,
Баяны эң кызыктуу жомок болуп.

Таң калтырып угуп турган калың элди,
Тамшантып айткан сөзү жазып черди.
«Кана баатыр, башыңдан өткөндөрдөн
айта отур?», – деп Байтикке кезек берди.

«Жаш элем он жетиден жаңы ашкан,
Жайлоодо жалгыз өзүм уктап жатсам.
Ойгонсом кере кулач чаар жылан,
Оозума башын салып келе жаткан.

Коркпостон ортосунан кармап алдым,
Кырча тиштеп башынан үзүп салдым.
Кан аралаш түкүрүп жылан башын,
Кылчайбай тетири карап кетип калдым.»

«Айтканына баатырым көңүл буруп,
Аныктап, сынап көрдүм карап туруп.
Мунуңуз эрдик эмес, Байтик баатыр,
Мунунуз барып турган мыкаачылык.»

Баатырдык деп бул ишин санатпады,
Мыкаачылык эрдигин жаратпады.
Жана да баштан өткөн иштеринен,
Баяндап Байтик баатыр сабактады:

«Оорунун кордуктары жанга батар,
Ооруп калдым узак мөөнөт ошол сапар.
Айыкпас «котур» деген жаман оору,
Аргасыз жүрдүм окшойт үч жыл катар.

Азап жеп котур болуп кыйналгамын,
А бирок, башымды ийип ыргалбадым.
Каксыз болуп айыктым үч жылдан соң.
Кашынып бир да жолу тырманбадым.»

Сынчы сөзүн сындап айтып бекемдеди,
«Бул эрдигиң эрдик эмес бекер деди.
Бир тырманбай үч жылы сакайсаңыз –
Мунуңуз чыдамкайлык экен...», – деди.

«Байкасаң турмуш калчайт оңду-солду,
Баспайсың өмүр бою дангыр жолду.
Көрөр көз аялыңыз бир жигитке,
Ойнош деген күбүр-шыбыр ушак болду.

Ошентип эл ичинде ушак чыкты,
Ишенбей ал ушакка кулак бышты.
Ишенбесең көзүң менен көргүн дешип,
Ал экөө жаткан жерге алпарышты.

Кучакташып ал экөө жаткан экен,
Кызыктуу ыракатка баткан экен.
Баатыр жигит оң колун аялымдын,
Оролтуп моюнуна арткан экен.

Турмушта түрдүү-түрдүү окуя көп,
Туш келет туура сөздүү айтылган кеп.
«Баатыр киши катынды кучактабайт,
Катын киши баатырды кучактайт!», – деп.

Жанына ал экөөнүн басып бардым,
Жигиттин колун секин тартып алдым.
Аялымдын колун алып ал жигиттин,
Оролтуп моюнуна арта салдым.

Теңирим кең пейилдүү санаа берди,
Теңдешсиз кенендикти мага берди.
Эзилишип уктап жаткан ал экөөсү,
Эч нерсени сезбестен кала берди...»

«Ой-бой баатыр бул кылганың эрдик», –
деди,
«Опол тоодой баатырдык, кеңдик!», – деди.
Байтикке башын ийип казак сынчы,
«Баатыр» деген наамды бердик деди.

Окшошпойт адамдардын көңүл оюу,
Оомал-төкмөл жашоосу, турмуш жолу.
Байтиктин бул эрдигин кайталаган,
Эркектер баатыр болмок өмүр бою.

## ӨНӨР

Табийгат сыры чексиз терең экен,
Табийгат сыры чексиз кенен экен.
Талыкпай эмгектенсе адам уулу,
Тартуусу табийгаттын белен экен.
Антсе да жалган дүйнө бирде өйдө,
А бирде оомал-төкмөл, төмөн экен.
Баарысы бул жашоодо бизге кымбат,
Байкасан эң кымбаты – өнөр экен.

Асманда ай жашаган, күн жашаган,
Алмашып жарык күнгө түн жашаган.
Көрк берип табийгатка бир ажайып,
Көктөмдө түрдүү-түрдүү гүл жашаган.

Турбайсың бул жашоого түркүк болуп,
Түбөлүк өлбөс болуп ким жашаган?
Артыңды ойлой жүргүн унутпастан,
Адамзат бул өмүрдө бир жашаган.

Өнөр бул – жер айланып аткан таңым,
Өнөр бул – жарык чачкан өчпөс шамым.
Өнөр бул – кыпкызыл чок илеби ысык,
Өнөр бул – алоолонгон кызыл жалын!
Жигит кезин мастык кез дейт биздин элде,
Жашоонун байкабаган түрдүү жагын.
Карыганда өнөрдүн корун тарткан,
Бир адамдын баянын баяндайын.

Ар дайым бийликтердин баш жагында,
Ал адам бай болуптур жаш чагында.
Башкарып Букараны баш ийдирип,
Байлыкка да, бийликке да мас чагында.
Бийликтен башка өнөр үйрөнбөгөн,
Бир калыпта мезгил чиркин таскагында.
Ал адам ойлонбоптур не болорун,
Акыры алтымыштан ашканында.

Көпчүлүк толкуп жаткан көлдөй деген,
Эл ичи – алтын бешик, чексиз кенен.
Ал адам жашап келет эл башкарып,
Ар убак эл үстүндө бийлик менен.
«Айдап кел, байлап кел!», – деп жигит
жумшап,
Ар дайым өкүм сүйлөп буйрук менен.
Андан башка бир да өнөр үйрөнбөдү,
Ай өтүп, жылып жатты жылдар деген.

Ошентип бий агабыз карыган кези,
Алтымышты ашып жашы барган кези.
Талыкпай эл башкарган ошол бийге,
Табийгат өз мыйзамын салган кези.
Арышын кере албастан баштагыдай,
Арыган аргымактай талган кези.
Колунан бийлик кетип карыганда,
Козголбой үйдө олтуруп калган кези.

Убакыт учат экен улам шашып,
Байгамбар коомунан жашы ашып.
Баласы отуз бешке келген экен,
Беш алты небереси топурашып.
Жумшаса бала деген бала эмеспи,
«Сен бар!», – деп бири-бирине атаандашып.
Бий болуп көнүп калган чоң атасы,
Балдарга буйрук берет заар чачып.

Өнөргө жаш кезинен көңүл салбай,
Үйрөнүп бир өнөрдү мурун албай.
Буйругу эки болбой көнүп калган,
Бийликтин орду ачышып моокум канбай.
Тим жүрүп бир өнөрдү эрмек кылып,
Тирилик, үй оокатка катыша албай.
Балдарга күн көргөзбөй куураган чал,
Байкасан үйгө калды батыша албай.

Баласы ичтен сызып арманына,
Батышпай атасынын калганына.
Атасын аяп кетет аргасы жок,
А бирок, боору ачыйт балдарына.
Бар экен бир акылман көп жашаган,
Атагы дайын кыргыз аймагына.

Барыптыр акылманга акыл сурап,
Баласы ойлой-ойлой таппай арга.

Акылман сурап, билип ким экенин,
Атасы жаш чагында бий экенин.
Алтымыштан жашы ашып ушул кезде,
Аргасыз үйдө олтурган күнү экенин.
«Тилимди жакшы жигит алгын», – деди,
«Түз эле кайра үйүңө баргын», – деди.
«Чоң суунун бир ыңгайлуу жээгине
чоң тегирмен тезирээк салгын!», – деди.

«Салган соң суу жээгине тегирменди,
Салдырып тарттыра бер эгиндерди.
Атанды тегирменге башчы кылгын,
Ар дайым кабыл алсын келген элди.
А өзүн мурдагыдай жашай бергин,
Ак эмгектен тартынбай төгүп терди.
Андан соң бир кайрылып келип кеткин...!»
Акылман мына ушундай кеңеш берди.

Акылман тилин бала алган кези,
Аныктап чоң тегирмен салган кези.
Атасы тегирменге башчы болуп,
Ар түрдүү эгин тартып калган кези.
«Кезекти туура сакта, шашпагын!», – деп,
Буйрук берип моокуму канган кези.
Акылмандын айтканы эске түшүп,
Айланып бала кайра барган кези.

Ошентип келген кези бала кайтып,
Баш ийип акылманга салам айтып.

Суроо салып акылман: «Кандай?», – деди,
Саламына аликти алып жатып.
«Тынчып эле жатып калдык, чыр-чатак жок,
Тегирмен ишке кирген күндөн тартып.
Баш ийип таазим кылам өзүңүзгө,
Мартабаңыз өсө берсин дагы артып.»

«Бул жалган бирде өйдө, бирде төмөн,
Бул дүйнөдөн кимдер кетип, ким келбеген?
Ар дайым буйрук берип жигиттерге,
Атакең жашап келген бийлик менен.
Ал эми карыганда керек го деп,
Атайлап бир да өнөр үйрөнбөгөн.
Бийликтин орду ачышып үйгө батпай,
Мыйзамын башка салды турмуш деген.

Ал эми башчы болуп тегирменге,
Ар дайым буйрук берип келген элге.
«Шашылбай кезек менен салгынын!»,– деп,
«Буудайда ташың жүрөт алгынын!», – деп,
«Тегирменге эгининди салдырбаймын,
Тилимди албасаңар бардыгың!», – деп.
Адамзат бир келүүчү бул жалгандан,
Сени менен иши болбой өтүп кетет.

Байкагын жакшы жигит тилимди ал,
Айтылган акылымды көңүлгө сал.
Атаңча карыганда кор болбостон,
Азыртан бир өнөрдү үйрөнүп кал.
Эрмеги жок карыганда калжаңдасаң,
Элиңе аталасың кууураган чал.

Колундан башка өнөр келбесе да,
Өтүктү жамаганды үйрөнүп ал.»

Ошентип түрдүү кептен салган экен,
Акылман тилин бала алган экен.
Адамзат бир келүүчү ушул дүйнө,
Абайлап байкасаңар жалган экен.
Биринде мээрим чачса күлө карап,
Биринде аттин деген арман экен.
Жигитке жетимиш эки өнөр дагы
аз деген макал элде калган экен.

# МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ ........ 3
АК ЖОЛ, САГА, САЛИМБАЙ! ........ 3

КЫРГЫЗ ЭЛИМ

БОЗ ҮЙ, КОМУЗ, АК КАЛПАК ........ 10
КЕРЕМЕТ ТООЛОР ЖЕРИМДЕ ........ 11
БЕЙИШ ЖЕРИ – КЕҢ АЛАТОО ........ 11
ЭРКИНДИК ЖЕМИШТЕРИ ........ 12
КЫРГЫЗ ЭЛИМ ........ 13
СЫЙМЫКТАНАМ ........ 15
ОЙ ТОЛГОО ........ 16
ЖЕТИНИН БИРИ КЫДЫР ........ 17
МАНАС БАЯНЫ ........ 17
КЫРААН МАНАС ........ 18
МАНАСЧЫНЫН КАСИЕТИ ........ 19
САЯКБАЙДЫН МАНАСЫ ........ 20
ЭЛИ-ЖУРТУ УНУТПАЙТ ........ 21
ЫЙЫК ТИЛИМ – КЫРГЫЗ ТИЛ ........ 21
ТИЛ БАЙЛЫГЫ ........ 22
ЖЕТИ ОСУЯТ ........ 23
КОМУЗ КҮҮСҮ ........ 24
УЛУУ ТООЛОР ........ 25
БАТА САЛТЫ ........ 26
ЭСТЕП ДАЙЫМ ЖҮРӨЛҮК ........ 27
ДУШМАНГА ЖЕТСИН УБАЛЫ ........ 28
ЖЕР ЭНЕ ........ 29
ШОРУБУЗ АРЫЛБАЙТ ........ 30
АРАК ЖАНА АДАМ ........ 31
БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ КАЙДА? ........ 36
ТӨРТ САПТАР ........ 38

СЫЙКЫРЧЫМ АНЫК ӨЗҮҢБҮ?

КЫЗ ЖАНА ГҮЛ ........ 44
СЫЙКЫРЧЫМ АНЫК ӨЗҮҢБҮ? ........ 45
СҮЙӨМ СЕНИ ........ 45
СҮЙҮҮ ДЕГЕН ........ 46
ГҮЛДЕСТЕ ........ 47
АК СҮЙҮҮМДҮ АКТАЧЫ ........ 47
ТААЛАЙЫМ СЕНСИҢ ........ 48
АК ТИЛЕК ........ 49
ЭНСӨӨ ........ 49
ӨЗӨГҮМ КЕТЕТ ЖАЛЫНДАП ........ 50
СЕН ЖАШАЙСЫҢ ........ 50
АЙ ПЕРИШТЕМ ........ 51
АСЫЛ ДЕЙМИН ........ 52
САГЫНАМ ДАЙЫМ ........ 52
АРГАСЫН КАНТЕМ? ........ 53
ЭМИ КАЧАН? ........ 54

КЫЯЛДАНАМ СЕЗИМДЕ ........ 55
УНУТПАЙ КОЙДУМ ........ 56
КАЙДА? ........ 57
САПАРДАГЫ СҮЙҮҮ ........ 58
СҮЙҮҮ САПТАРЫ ........ 58
МАХАБАТ ЖАНА АДАМ ........ 59
МАХАБАТ ........ 60
КЫЗ ДЕГЕН ........ 61
КЫЗ ЖАНА АЙ ........ 62
ЖАКШЫ ОЙ МЕНЕН КАЛДЫМ ........ 63
СЕЗИМДЕГИ ЭЛЕСТЕР ........ 64
БАКЫТ ........ 65

**СЕЗИМДЕРИМ ЫРЛАРЫМА КУБАНАТ**

ЫРЛАРЫМ ........ 68
КЫЯЛДАНАМ ........ 69
ЫР ЖАЗАМЫН ........ 70
МЕН ЫР ЖАЗАМ ........ 71
УРМАТ БАРБЫ? ........ 71
БАЛА ЖОРУКТАРЫ ........ 72
БАЛДАРЫМА ТИЛЕГИМ ........ 74
ӨЧПӨС ИЗИН – БАЛДАРЫҢ ........ 75
КААЛОО ........ 76
АК КАЛПАК ЭЛДИН УУЛУ БАР ........ 77
АСЫЛ ЭМГЕК ........ 78
СӨЗ БАШТОО КЫЙЫН БОЛОТ ........ 79
ТОКЧУЛУКТУН ШААРЫ ........ 79
ЭМИ КАЙТАЛАНБАЙТ ........ 80
ТАЛАНТ ДЕГЕН ........ 81
БИЛИМ ........ 82
ВРАЧ КЫЗДАР ........ 83
ОКУУЧУЛУК КҮНДӨР ........ 83
ЭЖЕ-АГАЙЛАР ЭМГЕГИ ........ 85
ЧЫҢГЫЗДЫ ДА ОКУТКАН ........ 86
АЛЫКУЛДУН ЫРЛАРЫ ........ 86
АЛЫКУЛ ЖАНА МЕН ........ 87
АЛТЫН КҮЗ ........ 87
АЛТЫН КҮЗДҮН БЕРЕКЕСИ ........ 88
ЖАЗ МЕЗГИЛИ САЛТАНАТ ........ 89
НООРУЗ МАЙРАМ ........ 90
КАБАР АЛ ........ 91
ЖАЛПЫГА БЕР ТОКЧУЛУК ........ 92
ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК ТИЛЕГИМ ........ 93
БИЙЛИК, БАЙЛЫК – ӨНӨР ........ 94
САРМЕРДЕН ........ 95

**МЕНИН БАЯНЫМ**

КАРАКӨЛ НУРУ – КЕРЕМЕТ ........ 98
ЫРДАП СЕНДЕ ЖАШАГАМ ........ 99
СУЛУУ КӨЛ ........ 100
КӨК ЖЕЛЕГИ ЖЕЛБИРЕЙТ ........ 100

МЕНИН БАЯНЫМ ........ 101
АПАМА ........ 102
АРТЫК КӨРӨМ ........ 103
ЭСТЕН ЧЫКПАС КҮНДӨР ........ 104
РОМАНДЫН ЭКИ ГАНА БАРАГЫ ........ 108
АТАКЕМДИН ЭМГЕГИ ........ 111
БАЛАЛЫК ........ 112
КЕРЕМЕТ ........ 114
ЫЙЫК АТТЫ ЭНЧИЛЕЙБИЗ ........ 115
КЫЗ, КЕЛИН, АЯЛ, ЭНЕ ........ 116
АЯЛ ЭРКЕК ЖУП ЖАШАЙТ ........ 117
ЭКИ ЖАШКА ........ 118

МЕН БИР ПЕНДЕ

БАРДЫК ПЕНДЕ АМАН БОЛСУН! ........ 120
МЕН БИР ПЕНДЕ... ........ 122
ТӨРТ МЕЗГИЛДИ ПАЙДАЛАН ........ 123
ҮЧ МИСАЛ ........ 123
ТӨРТ ЖЕТИМ ........ 124
ҮЧ НЕРСЕ СЕНИ ТҮШҮНБӨЙТ ........ 125
КҮН ЖАНА ЖАШОО ........ 126
ТУРМУШ ........ 127
ЧИРКИН ӨМҮР ........ 128
ЧЫНДЫК ........ 129
ЗАМАН ЖАНА АДАМ ........ 130
МАЙМЫЛ ЖАНА АДАМ ........ 131
ЭМНЕ? ........ 132
КАНДАЙ? ........ 134
КАНЧА? ........ 136
КАНТЕТ? ........ 137
ЭМНЕ БЕКЕР? ........ 139
КИМДЕР БИЛЕТ? ........ 139
ДАГЫ КАНЧА СЫРЫҢ КАЛДЫ? ........ 140
ДАГЫ КАНЧА КЫЯЛДАНАМ? ........ 141
ЖОК ........ 143
СУЛУУЛУК ........ 144
КЕРЕМЕТТҮҮ ҮЧ КӨК БОЁК ........ 145
ТАШ КОЁБУЗ ........ 146
МАЙ КАРМАГАН... ........ 147
МЫЙЗАМДАР КӨП АДИЛЕТСИЗ ........ 147
ЖАМАН САПАТ ЖАКШЫДАН КӨП ........ 149
ТОЛГОНУУ БАР ........ 151
ЖАРАТКАНДАН СУРАНУУ ........ 153
САКТА ........ 157

ДАСТАНДАР

ЭРДИК ........ 160
ӨНӨР ........ 163

*Көркөм-адабий басылма*

**ТУРСУНБАЕВ САЛИМБАЙ**

**СЕЗИМДЕГИ ЭЛЕСТЕР**

*(Ырлар, дастандар)*

Редактору *Жылдызбек Турсунбаев*
Корректору *Рапия Сакелова*
Сүрөтчүсү *Канжарбек Турсунбаев*
Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Тех. редактору *Жумагул Сооронкулова*
Компьютердик калыпка салган *Гулзат Ниязалиева*

Терүүгө 25.07.2007-ж. берилди. Басууга 15.09.2007-ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70x90 $^{1}/_{32}$. Мектеп арибн. 10,75 физ. басма табак. 10,75 учеттук басма табак. Нускасы 500. Заказ № 123. Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Киев көчөсү 77.
Тел.: 66-75-56, 66-75-58


Мен ыр жазбайм, атак-даңкты кубалап,
Мен ыр жазбайм, сыйкыр менен дубалап.
Мен ыр жазам, жетегинде сезимдин –
Сезимдерим ырларыма кубанат!